АЙКӨЛ МАНАС БАБАБЫЗ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ
ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ
КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ ИНСТИТУТУ
«МАНАС — 1000» Мамлекеттик дирекциясы
«Мурас» ишкер долбоору

К. Сейдекулова, К. Сагымбаева,
А. Конкошева

АЙКӨЛ МАНАС БАБАБЫЗ

Балдар бакчаларынын тарбиячылары, педагогикалык окуу жайларынын студенттери жана ата-энелер үчүн

БИШКЕК
«КЫРГЫЗСТАН» 1995

ББК 74.1
С—28

Сейдекулова К., ж. б.
С—28 Айкөл Манас бабабыз: Балдар бакчасынын тарбиячылары, пед. окуу жайларынын студ. ж-а ата-энелер үчүн /К. Сейдекулова, К. Сагымбаева, А. Конкошева.; Б.: Кыргызстан. — 1995, 68 б.

ISBN 5-655-010115-1

Бул китепчеде балдар бакчаларында тарбияланып жаткан балдарды алгач ирет «Манас» жомогу менен тааныштыруу максатында программа, ага карата методикалык сунуштар тандалып алынды. Ошондой эле ортоңку жана жогорку топтордо окуу-тарбия иштерин уюштуруу боюнча сабактардын конспектилери берилди.

Колдонмо-программа балдар бакчаларынын тарбиячыларына, педагогикалык окуу жайларынын студенттерине жана ата-энелерге арналат.

С $\frac{4305000000—036}{К\ 451\ (11)—95}$ 95.

ББК 74.1

ISBN 5-655-01015-1

© «Кыргызстан» басмасы, 1995-ж.

КИРИШҮҮ

Мектепке чейинки коомдук тарбиялоо — билим берүүнүн бир бөлүгү жана алгачкы баскычы. Балдар бакчасы үй-бүлө менен тыгыз бирдикте кыргыз элинин руханий байлыгы, көркөм сөз өнөрүнүн казынасы болгон «Манас» жомогу аркылуу жаш муундарга тарбия берүүлөрү зарыл. Ошондуктан, бул сунуш кылынган колдонмо-программа бөбөктөрдүн жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайык «Манас» эпосундагы кыргыз элинин байыркы мезгилдеги жашоо-шарты, каада-салты, эли-жерин сүйүү, коргоо, баатырдык ж. б. түшүнүктөрү менен тааныштырууну көздөйт. Балдар бакчаларында дене, акыл, эмгек жана эстетикалык тарбиялардын негиздери баяндалат. Бул программа «Бала бакчада тарбиялоонун жана үйрөтүүнүн программасы» деген документти толуктап, байытат. Кыргыз элинин таамай айтылган «Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат» деген накыл сөзү бар. Ошондуктан, балдар бакчасынан баштап эле жеткинчектерге улуу Манас бабабыз жөнүндө түшүнүк берүү менен бирге, улуттук ар-намыс сезимдерин, түшүнүктөрүн тарбиялоо зарыл.

«Манас» жомогу аркылуу таалим-тарбия берүү ишчаралары балдар өз эне тилинде эркин сүйлөп, сөздүн маанисин түшүнүп, айлана-чөйрө жөнүндө түшүнүктөрү кеңейген төрт-беш жаш курагында башталат. «Манас» жомогу боюнча түзүлгөн бул колдонмо-программа «Манас сабактары» жана «Тарбия-таалим берүү иштеринин уюштурулушу» деген эки бөлүктөн турат.

Бөбөктөр үчүн «Манас» чоң жомок. Аны баатырлар, акылман карыялар, уздар, кыргыздын эли-жери жөнүндө кызыктуу баяндалган окуялар катары кабыл алышат. Элдеги көркөм сөз казынасынын башаты болгон «Манас» жомогу аркылуу балдардын сөзгө түшүнүүлөрүнө, байланыштуу сүйлөөлөрүнө, көркөм сөзгө кызыгууларына, кыялдануларына, гумандуулук, жакшы санаалаштык,

адептүүлүк, эрктүүлүк, биримдүүлүк, жоопкерчилик, кыйынчылыкты жеңе билүүчүлүк сапаттарынын калыптанууларына зор мүмкүнчүлүктөр ачылат.

Балдардын «Манас» жомогундагы окуяларды, каармандар жөнүндөгү өз ойлорун байланыштуу айтып берүүлөрү аркылуу, алардын эркин ой жүгүртүү жана ар түрдүү чыгармачылыкка карата жөндөмдүүлүктөрү калыптала баштайт. «Манас» жомогундагы кызыктуу окуялардан балдардын жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша тандап алып, айрым эпизоддордун мазмунун жөнөкөйлөштүрүп, алардын негизинде тарбиячы балдарга ар түрдүү аңгемелерди айтып берүүлөрү алардын ойлоо, көркөм кабыл алуу, түшүнүү жөндөмдүүлүктөрүн өркүндөтөт, ошондой эле алар менен суроо-жооп иретинде аңгемелешсе да болот.

Программада ортоңку жана жогорку топтордо сөз өстүрүү сабагында жомок боюнча уккан окуялары жөнүндө терең түшүнүк алуу, аны бекемдөө максатында, ошондой эле дене тарбия, сүрөт, ийлеп чаптоо, кесип чаптоо, конструкциялоо сабактарында тарбиялык иштер боюнча балдар менен өткөрүлүүчү сабактардын болжолдуу планы берилди. Мисалы, ортоңку топтун балдарын Манастын бала кезиндеги окуялары менен тааныштыргандан кийин, алардын каалоолору боюнча элестетип сүрөт тарттырып, ийлеп чаптатса, дене тарбия сабагында тарбиячы кыргыздын мурдатан ойнолуп келе жаткан улуттук оюндарын ойнотуп, аларды чыгармачылык менен уюштурса болот. Натыйжада «Кыргыз элинин улуттук оюндары» деген бөлүмдө адеп, акыл, эстетика жана дене-бой тарбиясы боюнча аткарылуучу иштер менен катар эле, баланын кыймыл-аракетинин так жана тез болушун эске тутуу, элестетүү (мейкиндикте туура багыт ала билүү) жөндөмдөрүн өрчүтүүгө өзгөчө басым жасалды. Оюндун жүрүшүндө балдар бири-бири менен мамиле түзүүгө, жолдошчулукка, ынтымакта болууга, сүйлөшүү аркылуу ойлорун бири-бирине жеткирүүгө, байланыштуу сүйлөөгө үйрөнүшөт.

Баарыдан мурда оюндар балдарга эмоционалдык жактан жайдары маанай алып келгендиктен, аларга оюндун шартын, эрежесин жакшылап түшүндүрүп, сабактарда жана бош убакыттарда улуттук оюндарды ойнотуу зарыл.

Тарбиячы балдардын жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайык оюнду тандап алуу менен бирге, аны кайсы мезгилде ойноторун, оюндун максатын, ага колдонулуучу материалдарды, эрежесин жакшы билүүсү керек.

«Манас» жомогунда жандуу жана жансыз жаратылыштын кооздугу, сулуулугу жөнүндөгү эпикалык салыштырууларды пайдалануу аркылуу балдардын өз жерине, анын кооздугуна, көп түрдүүлүгүнө ж. б. көңүлдөрүн буруп. Ата Мекенин, анын жаратылышын сүйүү, коргоо сезимдерин тарбиялоого көңүл бурулду.

Эмгекке тарбиялоо боюнча балдар-кыздарды кыргыз улутуна мүнөздүү эмгектин түрлөрү, анын мазмуну менен тааныштыруу, практикалык иштерди уюштуруу аркылуу жоопкерчиликке, сарамжалдуулукка, өз алдынчалуулукка, ишти аткаруунун ийкемдүү жолдорун таба билүүгө тарбиялоо максаты көздөлдү. Ортоңку жана жогорку топтун балдарын «Манас» жомогунда айтылган каада-салттарды, таалим-тарбия берүүчү окуяларды пайдалануу менен, аларды адептүүлүккө, жүрүм-турум эрежелерин аткарууга үйрөтүү белгиленди. Бакчаларда жумасына бир жолу атайы «Манас» күнү белгиленет. Чейрек сайын бир жолу «Манас» эпосу боюнча балдардын түшүнүктөрүн, эске тутуу, ой жүгүртүү, кыялдануу, элестетүү сезимдерин өрчүтүү, тактоо максатында атайы утренник, көңүл ачууларды уюштуруу кажет. Бул иштердин кызыктуу уюштуруучусу жана өткөрүүчүсү тарбиячы болуп эсептелет. Ал элдик педагогиканын ыкмалары, таалим-тарбия иштери менен байланыштырып өтөт. Тарбиячынын «Манас» жомогун терең өздөштүрүп билүүсү жана балдарды тарбиялоодо пайдалана алуусу балдардын жаш жана жекече өзгөчөлүктөрүн ылгап, билим-тарбия берип, балдарды сүйө билүүсү — бакчада эмоциялык-психологиялык жагымдуу жагдайды түзүүнүн маанилүү шарты болуп саналат.

Баланы жеке бакча же тарбиячы менен гана ар тараптан шайкеш тарбиялоого мүмкүн эмес. Мектепке чейинки мекеменин педагогикалык жамааты жана ата-энелер өз эли-жеринин чыныгы патриоттору болуулары керек. Ошондуктан, биргелешип, максаттуу иш-аракеттерди жасап, «Манас» чыгармасы аркылуу балдарда эли-жерин сүйүү, каада-салтты урматтоо сыяктуу терең сезимдерди калыптандырууда жана башка тарбиялык милдеттерди ишке ашырууда бири-бирине кол кабыш кылуу, ишенүү жана урматтоо менен иш жүргүзүүлөрү керек.

Колдонмонун акырында сунуш кылынган тексттерде кездешкен жана «Манас» жомогу боюнча башка окуу-тарбия иштерин өткөрүүдө кезигиши мүмкүн болгон эскирген (архаизм) сөздөрдүн түшүндүрмөлөрү берилди.

«Манас» эпосунун 1000 жылдыгына карата бул про-

грамманын жана методикалык колдонмонун чыгышына финансылык колдоо көрсөткөндүгү үчүн «Манас—1000» Мамлекеттик дирекциясына, илимий-пропагандалык «Мурас» ишкер долбоорунун жетекчилигине терең ыраазычылыгын билдиришет.

Авторлор

«МАНАС» ЭПОСУНУН 1000 ЖЫЛДЫК МААРАКЕСИНЕ КАРАТА БАЛДАР БАКЧАСЫНДА АТА-ЭНЕЛЕР МЕНЕН БИРДИКТЕ ЖҮРГҮЗҮЛҮҮЧҮ ИШТЕР

1. Ата-энелер менен бирге «Айкөл Манас бабабыз» деген темада фестиваль, конференция өткөрүү;

2. «Манас» эпосунун 1000 жылдык мааракесине карата балдар бакчасынын ар бир тобунун ортосунда тарбиячылардын, ата-энелердин көркөм окуу жана айтып берүү конкурсу;

3. Бакчанын педагогикалык кызматкерлери менен ата-энелердин 1000 жылдык мааракеге карата биргелешкен өздүк көркөм чыгармачылык, оймочулук, саймачылык, зергерчилик, өрмөчүлүк, чий чырмоо, буюм-тайымдарды жасоо, улуттук тамак-аштарды даярдоо жана кыргыздын каада-салттары боюнча конкурсу;

4. Тарбиячылардын жана ата-энелердин сабактарда пайдаланууга көрсөтмө куралдарды, иштерди, зергерчилик боюнча буюм-тайымдардын үлгүлөрүн даярдоосу (окуу жылынын ичинде);

5. Ата-энелердин арасында сабакка пайдаланууга керектүү үй эмеректерин, жаныбарлардын, музыкалык аспаптардын, курал-жарактардын макеттерин, формаларын даярдоо, тематикалык сүрөттөрдү тартуу боюнча конкурс өткөрүү;

6. Ата-энелердин, балдардын, бакчанын жамаатынын манасчылар менен жолугушуусу;

7. Ар бир кварталда ата-энелердин, тарбиячылар менен балдардын биргелешип «Манас» эпосу боюнча театрлаштырып даярдаган сценарийлерин көрсөтүү.

Ортоңку топ (4—5 жаш)

Бул куракгагы балдардын сөз байлыктары, сүйлөө жана сүйлөшүү мүмкүнчүлүктөрү кеңейгендиктен, ой жүгүртүүлөрүндө кыйла жылыштар болот. Окуп же айтып берген адабий чыгармаларды элестүү, аң-сезимдүү кабыл

алышып, образдарды берүүдө сөз, үн жана кыймыл-аракеттерди чыгармачылык менен колдоно билүүгө жетишишет. Балдар чыгармадагы каармандардын кылык-жоруктарына, аракеттерине, адеп-ахлактык сапаттарына түшүнүп, өз алдынча баа берүүгө үйрөнүп калышат. Ошондуктан, балдар бакчасынын ортоңку тобунан баштап эле «Манас» жомогу жана анын 1000 жылдык майрамы, манасчылар, «Манас» жомогундагы негизги каармандар, окуялар менен бөбөктөрдү тааныштырып, ар кандай ишмердүүлүктөрдө, тарбия иштеринде бул боюнча түшүнүктөрдү берсе болот. «Манас» боюнча ар кандай тарбия-таалим берүүчү иш чараларды эпостун мазмуну менен терең таанышып, түшүнгөн тарбиячы гана балдарды кызыктырып, жеткиликтүү тил, усулдук ыкмаларды колдонуп өткөрө алат.

Жогорку топ (6—7 жаш)

Бул куракта балдар өз эне тилинде эркин сүйлөп, чыныгы турмуш менен көркөм чыгармадагы окуяларды кабыл алуусу, түшүнүүсү бир топ деңгээлде калыптанып калган болот.

Көркөм чыгармалар балдардын акыл-эсин, адеп-ахлактык жана эстетикалык сезимдерин тарбиялоодо эбегейсиз зор каражат болуу менен, алардын тил байлыгынын өсүшүнө чоң таасир этет. Эркиндиктин, көз каранды эместиктин, патриотизмдин идеяларына сугарылган «Манас» жомогу кыргыз эли үчүн тээ байыртадан калган мурас болгондуктан, бакчадан баштап эле окуу-тарбия иштерине киргизүү зарыл. «Манас» жомогундагы поэтикалык образдар, салыштыруулар аркылуу элдин турмушу, каада-салты, адамдардын ички сезимдери жана карым-катнаштары жөнүндө түшүнүк берилет. Кыргыз элинин жандуу жана жансыз жаратылышы жөнүндө айтылган сөздөр балдардын эмоционалдык сезимдерин байытат, ой жүгүртүп кыялдануларын өркүндөтөт. Көркөм чыгармаларды бул куракгагы балдар окушпайт, угушат, ошондуктан тарбиячы балдардын түшүнүктөрүнө ылайык окуяларды көркөм, так окуп же айтып жеткирүүсү керек. Жогорку топтогу балдарга көлөмү чоңураак ыр, кара сөз түрүндө жазылган жомок, аңгеме, кыска-кыска чыгармаларды окуп жана айтып берүүгө мүмкүн болгондуктан, бул программанын аягында берилген конспектилерде «Манас» жомогунан ыр түрүндө жазылган кыскача үзүндүлөр берилди.

«Манас» боюнча сабактарда иш-аракеттер ойлонулбай, балдардын жаш өзгөчөлүктөрү эске алынбай өткөрүлсө, балдардын чыгармага кызыгуу, маанисине түшүнүү, эске сактап калуу жөндөмдүүлүктөрү калыптанбайт. Ошондуктан ортоңку жана жогорку топто уюштурулуучу сабактардын, ар кандай ишмердүүлүктөрдүн болжолдуу темалары, программалык максаттары, сабактын конспектилери, оюндар, сөздүктөр, сценарийлер, колдонулуучу адабияттардын тизмелери берилди. Бул программа — методикалык каражат, кыргыз билим берүү институтунун Бишкек шаарындагы № 172 «Арген» эксперименталдык балдар бакчасында сынактан өттү. Балдар бакчаларынын тарбиячылары сунуш кылынган темаларды чыгармачылык менен иштеринде пайдаланышса болот.

Үй-бүлөдө ар бир ата-эне «Манас» жомогунун мазмуну менен бөбөктөрдү тааныштыруу аркылуу кичинесинен эле аларды ар-намыстуулукка, эли-жерин сүйүүгө, патриоттук сезимге тарбиялоолору керек. Ошондой эле «Манас» жомогу балдардын кыял-чабыттарын өркүндөтө турган, айлана-чөйрөнү таанып билүүгө, сөз байлыктарынын өсүшүнө көмөк берүүчү бай казына экендигин эстен чыгарбоолору зарыл.

I. СӨЗ БАЙЛАНЫШЫН ӨСТҮРҮҮ БОЮНЧА САБАКТАРДЫН ТЕМАЛАРЫ ЖАНА ПРОГРАММАЛЫК МАКСАТТАРЫ

Тема: «Манас» — кыргыз элинин улуу жомогу.

Максаты: Балдарды кыргыз элинин улуу жомогу — «Манас» аркылуу дүйнөдө эң чоң эпосту кылымдан кылымга жоготпой, наркын коротпой ушул заманга чейин алып келген кыргыз элинин акылмандуулугу, каада-салты, эли-жерин коргогон баатырдыгы, жашоо тиричилиги, үй-бүлө шарттары менен тааныштыруу. «Манас» эпосунун 1000 жылдыгы жөнүндө балдарга түшүндүрүү, аларда эли-жерин сүйүү сезимдерин тарбиялоо. Улуу манасчылар жөнүндө кыскача түшүнүк берүү.

Тема: Жети атаңды билесиңби?

Максаты: «Манас» эпосу боюнча балдардын түшүнүктөрүн кайталоо, бекемдөө. Балдарга кыргыз элиндеги же-

ти атаны билүү, алардын атын, арбагын сыйлоо жөнүндөгү каада-салт боюнча аңгемелешүү жана түшүнүк берүү. Ар бир атуулдун жети атасын билүүсү моюндагы парз экендигин түшүндүрүү. Улуу Манас баатырдын жети атасы менен балдарды тааныштырып, алардын айрымдары жөнүндө кыскача айтып берүү. Балдарды эли-жерин, ата-тегин сыйло, урматтоо, сыймыктануу, аларды уятка калтырбоо сезимине тарбиялоо.

Тема: Манастын төрөлүшү жана балалык чагы.

I вариант

Максаты: Жакып байдын балалуу болуу жөнүндөгү тилеги, түшү, Манастын төрөлүшү, сүйүнчү, ат коюу, той берүү каада-салттары, анын балалык чагы менен тааныштыруу аркылуу балдарды эпостогу эң кызыктуу окуяларды көркөмдөп айтууга үйрөтүү. Эмгекти сүйүү сезимдерин тарбиялоо.

Тема: Манастын төрөлүшү.

II вариант

Максаты: «Манас» жомогу, андагы негизги каармандар. Манас айтуучулар жөнүндө балдардын түшүнүктөрүн тактоо, бекемдөө. Балдардын «Манас» жомогуна болгон кызыгуусун арттыруу. Жакып бай менен Чыйырдынын ой-тилеги. Элдин батасы, баатырдын төрөлүшү, анын сын-сыпаты менен көркөм тааныштыруу.

Тема: Манастын кырк чилтенге жолукканы.

Максаты: Балдардын «Манас» жомогунда айтылган жаратылыштын кооздугу, ар түрдүү кызыктуу окуялардын көркөм сүрөттөлүшү, Кыдыр атанын сыйкырдуу күчү, кырк чилтен менен тааныштыруу аркылуу достук, көркөм сөзгө кызыгуу, кыялкечтик сезимдерин тарбиялоо.

Тема: Манастын кан шайланышы.

Максаты: Балдардын улуттар арасындагы ынтымактуулук, достук мамилелер жөнүндөгү түшүнүктөрүн «Манас» жомогундагы окуялар аркылуу кеңейтүү, бекемдөө. Акылман, улуу аксакалдардын балдардын чечимин туура деп табышып, жаш болсо да ишенишип, Манасты кан шайлоолорун түшүндүрүү.

Тема: Манастын эли-жерин коргоо үчүн көрсөткөн алгачкы эрдиктери.

Максаты: Балдарга бала баатыр Манастын көрсөткөн алгачкы эрдиктери жөнүндө аңгеме айтып берүү. Бээжиндин каны Эсенкандын Көчкү деген балбанын баш кылып Манастын талкалашы, элдин батасы жөнүндө аңгемелешүү. Мазмуну боюнча суроо-жооп аркылуу, балдардын Манас жомогундагы окуяларга болгон кызыгууларын арттыруу.

Тема: Манастын өз эли-жерине кайтып келиши.

Максаты: Балдар менен бирге үйдөн тарткан сүрөттөрүн карап чыгуу жана аңгемелешүү. Эпостон үзүндүлөрдү айттыруу. Кошой баатыр жөнүндө. Кошойдун кыргыз элин баш коштурганын, Кошойдун айтуусу боюнча Манас баатырдын өз эли-жерине келишин, элдин кубанычын көркөмдөп айтып берүүгө үйрөтүү. Манастын эрдиктери тууралуу суроо берүү аркылуу балдардын түшүнүктөрүн бекемдөө. Сүрөт сабагында, ар кандай оюн ишмердүүлүктөрүн уюштурууда жомоктун айрым учурларын кайталоо, балдардын түшүнүктөрүн тактоо.

Тема: Манастын эгин айдап, Аккуланы сатып алышы.

Максаты: Далай кармашуулардан аман алып чыккан, жаныбар болсо да адамдай акылдуу, куштай учкан Аккуланын сын-сыпатын сүрөттөп айтып берүү менен бирге, балдардын жаныбарларга болгон аёо, асыроо, сүйүү сезимдерин тарбиялоо.

Тема: Манастын Бакай, Ажыбайга жолугушу.

Максаты: Манас жомогундагы улууларды, акылман карыларды сыйлоо, урматтоо, алардын акыл сөздөрүн угуу, ак ниеттүүлүк, ынтымактуулук, досчулук жөнүндө айтылган сөздөрдүн маанисин балдарга түшүндүрүү, кыргыз жеринин кооздугун, баатырлардын келбетин сүрөттөп айтып берүүгө, аңгеме түзүүгө үйрөтүү.

Тема: Канымкей — кыргыз аялдарынын үлгүсү.

Максаты: Балдардын өтүлгөн тема боюнча баба дыйкан жана Аккула жөнүндө түшүнүктөрүн тактоо, бекем-

дөө. Балдарды эли-жерин, жаратылышты коргоого, анын кооздугун сүйүүгө, улууларды урматтап, сыйлоого тарбиялоо. Канык ейдин образы аркылуу аялдардагы акылмандуулук, намыскөйлүк, баатырдык, колунан көөрү төгүлгөн ишмердүүлүк, сарамжалдуулук, ак пейилдүүлүк сыяктуу сапаттар менен тааныштыруу. Манастын кийимдеринин өзгөчө касиеттери жөнүндө түшүндүрүү.

Тема: Алмамбет менен Манастын достугу.

Максаты: Балдардын баатырдык, эркиндик, достук, ынтымак жөнүндөгү түшүнүктөрүн көркөм образдар аркылуу бекемдөө. Кыргыз элинин каада-салты, ырым-жырымдары жөнүндө балдардын түшүнүктөрүн кеңейтүү. «Манас» жомогуна болгон кызыгууларын өстүрүү.

Тема: Жолой дөө менен Кошой дөөнүн күрөшү.

Максаты: Балдарды кыргыз элинин көзү өткөн адамдардын арбагын сыйлап, артындагы ага-тууганы өткөрүүчү каада-салт менен тааныштыруу, ата-бабаларды, эли-жерин сыйлоо, анын намысын коргоого тарбиялоо.

Тема: Чоң Казаттагы баатырдын акыркы кайраты.

Максаты: Эли-жерин коргоодо, душмандардан сактоодо эр азаматтардын көрсөткөн эрдиктери, бири-бирине досчулук, адамкерчилик мамилелери менен тааныштыруу. Улуу адамдардын акылмандуулугунун жаштарга көрсөткөн үлгүлөрүнө балдардын көңүлүн буруу. Канык ейдин кайраттуулугу, чечкиндүүлүгү жөнүндө балдарга түшүндүрүү.

Тема: Семетейдин балалык чагы.

Максаты: Чыгарманын мазмуну аркылуу балдарды өзүнүн өсүп-өнгөн эли-жерине болгон урмат-сый, тартылуу сезимдерине тарбиялоо. Каармандардын диалогун таасирдүү жеткирүү менен бирге, окуяларды элестетип байланыштуу айтып берүүгө үйрөтүү.

Тема: Семетейдин Таласка келиши.

Максаты: Балдарга «Эл сагынбас эр болбойт, жер сагынбас эл болбойт» деген макалдын маанисин Семетейдин элине келүүсү менен айкалыштыра түшүндүрүү.

Тема: Семетей жана анын чоролору.

Максаты: Семетейдин эли-жерине чыккынчылык кылууга багыт алган душмандарды аёосуз жазалашы, анын достору жана душмандары жөнүндө балдар менен аңгемелешүү. Ак ниеттүүлүк жана кара ниеттүүлүк жөнүндө түшүнүктөрүн кеңейтүү. Эли-жерин жан аябай коргогон баатырларды сыйлоо, урматтоо сезимдерине тарбиялоо.

Тема: Сыйкырдуу кароолчулар.

Максаты: Балдарды улуулардын акыл сөзүн барктап-баалоого, түшүнүүгө үйрөтүү. Сыйкырдуу жаныбарлар жөнүндө кызыктуу жана байланыштуу сүйлөөгө, кыялдануунга, чыгармачылыкка тарбиялоо.

Тема: Семетейдин Бээжинге жортуулга аттанышы.

Максаты: Балдарды эли-жерин сүйүүгө, анын жаратылышына суктана билүүгө, намыскөйлүккө, эрктүүлүк сапаттарына жомокто айтылган окуяларды пайдаланып тарбиялоо. Ак ниеттүүлүк, кара ниеттүүлүк, чынчылдык жөнүндө балдардын түшүнүктөрүн тактоо, кеңейтүү, бекемдөө.

Тема: Семетей менен Коңурбайдын сайышы.

Максаты: Эли-жерин сүйүү, аны коргоо, баатырдык, ынтымактуулук жөнүндө балдардын түшүнүктөрүн кеңейтүү. Коңурбайдын кара ниет, баскынчылык иштерине баа бере билүүгө, Бакай атадай акылман карылар менен сыймыктануу сезимдерине тарбиялоо. Балдардын көркөм сүйлөө жөндөмдүүлүктөрүн өркүндөтүү.

Тема: Сейтек — Манастын небереси.

Максаты: «Семетей» жомогу боюнча сабакты кайталоо. Сейтек Манастын небереси экендигин билдирүү. Кара ниет душманды жек көрүү жана эли-жерин сүйүү, ак ниеттүүлүккө тарбиялоо. Балдарга той өткөрүү, ат коюу, бата берүү каада-салттары жөнүндө түшүнүктөрүн бекемдөө. Уккан окуяларын байланыштыра мазмундуу айтып берүүгө үйрөтүү.

Тема: Сейтектин өз жерине келиши.

Максаты: Айчүрөктүн энелик мээрими, намыскөйлүгү, айлакерлиги жөнүндө аңгемелешүү. Олжого кеткен элин бошотуп, эли-жерине көчүп келген Семетейдин астынан чыккан чоң энеси жана элинин кубанычы жөнүндө байланыштуу сүйлөм түзүп, айтып берүүгө үйрөтүү.

II. «МАНАС» ЖОМОГУ БОЮНЧА СҮРӨТ ЖАНА ИЙЛЕП ЧАПТОО САБАКТАРЫНДА ӨТҮЛҮҮЧҮ ТЕМАЛАР ЖАНА АЛАРДЫН ПРОГРАММАЛЫК МАКСАТТАРЫ

Тема: Кыргыз жайлоосу.

Максаты: Балдардын «Манас» жомогундагы абдан көркөмдөлүп айтылган кыргыздын жайлоолору, андагы жаратылыштын кооздугу жөнүндө эстерине салуу, ар кандай түстөрдү пайдаланып, жайлоонун көркөм көрүнүшүн кагазга түшүрүүгө багыт берүү.

Тема: Боз үй.

Максаты: Кыргыз элинин боз үйү, анын формасы, сырткы түзүлүшү, жасалгалары, алардын аталыштары менен тааныштыруу. Калемди туура кармап, түстөрдү туура тандап, өңү-түсүн бере билгичтигин калыптандыруу. Улуттук сыймыктануу сезимдерин тарбиялоо.

Тема: Кыргыз комузу.

Максаты: Кыргыз комузу, анын түзүлүшү менен тааныштыруу, башка музыкалык аспаптар менен түзүлүшүн, үнүн салыштыруу. Комузга болгон балдардын кызыгуусун арттыруу, күүнүн мазмунун түшүнө билүүгө жана комуздун түзүлүшүн сүрөттөп, мүнөздүү белгилерин көрсөтүүгө үйрөтүү.

Тема: Кыргыз кыздары.

Максаты: Балдарды «Манас» жомогундагы көркөм образдарды эмоциялуу кабылдоого, элестетүүсү боюнча түстүү боёкторду пайдаланып, кооз кийинген кыздын ар

кандай кыймылдагы сүрөтүн берүүгө үйрөтүү. Түстөрдү айкалыштырууга, кыздардын улуттук кийимдеринин мүнөздүү белгилерин берүүгө, каармандарды бир мазмунга бириктирип, чагылдырууга үйрөтүү.

Тема: Торучаар.

Максаты: Балдардын «Манас» жомогуна, андагы жаныбарларга карата жылуу сезимдерин, алар менен байланышкан окуялар жөнүндө түшүнүктөрүн тактоо. Жаныбарлардын дене түзүлүштөрүн пропорционалдуу көркөм элестетип, түстөрүн айкалыштырып берүүгө үйрөтүү.

Тема: Жоокерлердин курал-жарактары.

Максаты: Манас жомогунда айтылган жоокерлердин курал-жабдыктарын элестетип же көркөм сүрөттөрдө тартылган түзүлүштөрүн карап, алардын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн, формасын, көлөмүн барак бетине туура жайгаштырууга жана түстөрүн талдай билүүгө үйрөтүү. Эли-жерин коргогон баатыр жоокерлерге карата балдардын сыйлоо, сүйүү, урматтоо сөзимдерин тарбиялоо.

Тема: Ак шумкар.

Максаты: «Манас» жомогундагы Ак шумкардын мүнөзүн, анын өзгөчөлүгүн балдардын эстерине салуу, канаттуу болсо да баккан, таптаган ээсине шумкардын мамилесин, түзүлүшүн реалдуу чындыкка жакындаштырып көрсөтүү.

ИЙЛЕП ЧАПТОО

Тема: Манастын Аккуласы жана Кумайыгы.

Максаты: Өтүлгөн чыгармадагы көркөм образдардын элесин эмоционалдуу кабыл алууга, алардын формасын пропорциялык айкалышта, кыймылдарын динамикалуу берүүгө үйрөтүү. Манжалары жана стектин жардамы менен образдын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн берүүгө, окшоштурууга жетишүү.

III. ӨТКӨРҮЛҮҮЧҮ ИШ-ЧАРАЛАРДЫН КОНСПЕКТИЛЕРИ

Балдар бакчаларында балдарды «Манас» эпосунун рухунда тарбиялоого байланышкан усулдук материалдар дээрлик жок. Мына ошондон улам бул программада сабактардын пландары, тарбиячыларга керектүү конспектилер, оюндар ж. б. тиркеме катары кеңири берилди.

«Манас» эпосунун 1000 жылдык мааракесине карата балдар бакчасында өткөрүлүүчү фестивалдын болжолдуу программасын сунуш кылабыз.

Тема: Кыргыз көчү.

Меймандар жана катышуучулар бакчанын короосунда чогулуп жаткан учурда «Манас» эпосунан үзүндү угулуп турат. Чапкылап атчан чабарман жигит келип, сүйүнчү айтат *(фонограмма аркылуу «Сары-Өзөн» күүсү коштоп турат)*.

Чабармандын сөзү: Оо, калайык журт! Кыргыз журтум, уккула! Сүйүнчү, Каныкей жеңемдин көчү келе жатат. Тосуп алгыла!

Чабарман чаап кеткенден кийин көч көрүнөт, алып баруучу меймандардын көңүлүн көчкө бурат:

Кең эмей, Талас тар беле!
«Келем» деп оюң бар беле?
Бул кудайым бергенин,
Каныкей сенин бардыгың
Таласты кашкөй көргөнүң.
Аман жеттиң бул жайга
Арманың жок кудайга!

Көч. Көчтө төөлөр, аттар, келин-кезектер. *(«Сары-Өзөн», «Кыргыз көчү» күүлөрү коштоп турат)*. Көчтү каада-салт менен, суусундук сунуп берүү менен тосуу *(суусундукту тарбиячы сунат)*. Төө минген келин куржундан бышкан эт, боорсок берет. Меймандарга ооз тийгизишет.

Алып баруучунун сөзү:

Эми журтумдун айткан кеби бар,
Кебин айтар эби бар.
Серепчилеп ар качан,
Карап жүргөн журтумдун,
Каныкей келип калат деп,
Санап жүргөн журтумдун.

Кайнарга калың көч келип,
Токтогонун көргөндө,
Мал удургуп жайылып,
Оттогонун көргөндө,
Каныштын көчү келди деп,
Чабарман айтып келгенде.

Боз үйдүн жанына көч түшүрүлөт, түшүрүлүп бүткөндөн кийин, түшүндүрмөсүн тарбиячы айтып берет. *(Фонограммада «Кыргыз көчү» ойноло берет.)*

Алып баруучу: Такта коюп жүк жыймак,
Так ошондон калыптыр.
«Каныкей жүгүн жыйган» — деп,
Кара кыргыз борумун
Так ошондон алыптыр.
Кары, жаштын баарысы
Каныкейге ырахмат
Арбын айтып салыптыр.

Бакшы чыгат. Боз үйдү, меймандарды, балдарды аластайт.

Бакшынын сөзү: Алас, алас, алас,
Ар балээден калас.
Алас, алас, алас,
Айдан аман, жылдан эсен бололу.
Кырманыбыз данга толсун,
Өрүшүбүз малга толсун!

Конгон конушту аластайт. Бакшынын бийи аткарылат. Кыргыз аялдарынын уз өнөрчүлүгү: өрмөк сокмой, чий чиркемей, жүн, тери менен иштөө көрсөтүлөт же түшүндүрүлөт. Кандагай шымдын даярдалышы туурасында тарбиячы айтып берип, кыз-келиндердин кол иштери менен тааныштырат. Кыздар «Кыргыз көчү» бийин бийлешет. Боз үйдүн жасалгасын меймандарга көрсөтүп, көрүндүгүн алат.

Алып баруучу: Келтирип үйдүн борумун,
Түзөтүп бүттү орунун.
Карап эми көрүп ал,
Каныкей кылган сонунун.
Машаты килем салдырып,
Барча, булум дүнүйө,
Баасы кыйын дүнүйө.
Мамыктан жаздык алдырып,
Атлес, шайы, тубардан,
Алты жүз жууркан салдырып,
Арбын экен булардан.

Балдардын оюндарына меймандардын көңүлүн буруу *(алты бакан, эр сайыш, кол күрөш, ордо)*.

Алып баруучу: Жаш-карысы кыргыздын,
Жарыша тепкен селкинчек.
Кыз, жигити кыргыздын,
Кызыгып тепкен селкинчек.
Каныкейдин селкинчек,
Бурулуп тепкен келинчек.
Андай теппей, мындай теп,
Кайрып теппей, түздөп теп.
Кызыгып ойнойт кыргыздар,
Кызыктуу оюн ордону,
Кымбат оюн баштаган
Атабыз кыргыз болжолу.

Меймандар чогуу «Каныкейдин көлчүгүнө» келишет. *(Фонограммада ак куунун, каркыранын үндөрү.)* Каныкей менен Чыйырдынын монологу.

Каныкей: Кагылайын, энеке!
Көрүнүп жаткан кең көлчүк,
Береги мөмөлүү чынар багымдын
Мөмөсүн калкым жечү эле.
Бул Каныкейдин кең көлчүк,
Бала чак оюн салган жер,
Балаңыз келип күйөөлөп,
Алып кеткен жер ушул!

Чыйырды: Кагылайын, Каныкей!
Билекти кудай берген соң,
Бул төлгөбүз келген соң,
Куурап калган чынарга,
Кайрылып булбул конгон соң,
Какшып калган көлчүгүн,
Кайрадан сууга толгон соң,
Үзүлгөндөр уланат,
Чачылгандар жыйналат.

Эпизод бүткөндө С. Каралаевдин айтуусунда «Манас» эпосунан үзүндү уктуруу. Залга меймандарды чакыруу, баары толук отуруп бүткөндөн кийин: 1. Инсценировка.

Тема: Манастын төрөлүшү. «Солтон сары» күүсүнүн коштоосунда шөкүлө кийген кичине кыздардын бийи. «Койчулардын коңур күү» деген күүсүнүн коштоосунда тарбиячылардын лирикалык бийи. 2. Инценировка.

Тема: «Каныкейдин Семетейди алып, Букарга качышы». «Боз салкын» бийи тарбиячылардын аткаруусунда.

Сценарийге пайдаланылуучу каражаттар: Боз үй, анын жасалгалары, төө-аттардын кеби же картондон сөлөкөтү, көчкө керектелүүчү буюм-тайымдар, эмгектин түрлөрүн чагылдырган шарттар. «Каныкейдин көлчүгүндө» сүзүп

жүргөн 2—3 ак куу. Көркөм жасалгаланган зал, сабактарга керектелүүчү сүрөттөр, кумган, жууркан-төшөктөр, калкан-кылычтар.

Театрлаштырылган көңүл ачуу. *(Күндүн экинчи жарымында өткөрүлөт.)*

Тема: Семетейдин Таласка келиши. Кайталоо, бекемдөө, балдарды оюн толук айтууга активдештирүү. Көркөм сүйлөө жөндөмдүүлүктөрүн өркүндөтүү максатында Манас жомогундагы балдар жактырган окуялар боюнча инсценировкаларды уюштуруу. Семетей кайгыга чөмүлүп, бүк түшүп тамак ичпей жатканын укkан Каныкей Семетей жаткан Темиркандын ордосуна келет. Зал жасалгаланган. Семетей бүк түшүп, телмирип ойлуу жатат. Аңгыча шашкалактап, көзүнүн жашын тыя албай Каныкей кирет: «Кудайым ай, эмне болуп кетти?»

1-бала: Каныкей эне, Семетей он эки күндөн бери оозуна наар ала элек.

2-бала: Ооба, эне, бүк түшүп эле жатып алды.

Каныкей: Ыя-а! Айланайын, каралдым. Сага эмне болду?

Семетей:

Кагылайын, энекем!
Толкуган көлдөй жетимди
Көтөрүп өтөр кемесиң.
Куураган менин кубанчым
Сени эжекем экен деп жүрсөм,
Сен эжем эмес, энемсиң.
Кааласам кадыр үнүмсүң,
Төбөдө жарык күнүмсүң,
Айланайын, энекем,
Бардыгы сенсиң, берекем,
Теңиз атам өлгөндө,
Мен жетимди көтөрүп,
Качып келген экенсиң.
Айкөл Манас баласы,
Батпагансып элине
Качып жүрөр жан кайда?
Катыгүн энем, эл кайда?
Безип жүрөр жөн кайда?
Береним энем, эл кайда?
Атпай кыргыз эл кайда?
Он экиге келгенче,
Оролуп элди көрбөпмүн
Азапта жүргөн энемдин,
Эне экенин билбепмин.
Кагылайын, энекем!
Элим кайда, мен кайда?

Каныкей *(Чочуп, ыйламсырап)*:

Кара оозуна кан толгур!
Жээнимсиң деп жетимге

Кандай неме айтты экен?
Жетиле элек кезинде,
Кайгыда жаткан кыргыздын
Кабарын айткан адамзат
Качан барып кайтты экен?

Семетей:

Баарын уктум, энеке!
Кулак сал менин кебиме!
Жалганбы же төгүнбү
Атам Манас, жерим Талас турбайбы!?

Каныкей *(оор улутунуп):*

Кантейин, балам, угупсуң,
Калкыңдын жайын айтайын,
Кулак салып, угуп тур,
Салтыңдын жайын айтайын.
Карылары нарк айтып,
Калың журтка салт айтып,
Көп сүлөөсүн, кундуз бөрк
Чалдары сыпаа кыргыздын.
Желдей күлүк минген ат,
Кызыл кырчын колунда,
Кармашкандын жолунда,
Балдары баатыр кыргыздын.
Кийгендери кандагай,
Кыймылдары шамдагай.
Келеңкер чачпак, кең соору,
Келини сонун кыргыздын.
Кызылдан кийген күрмөнү,
Кыркалай таккан түймөнү,
Кызыл беттүү, найча бел,
Кыздары сулуу кыргыздын.
Кымыз менен айрандан
Кыңылдаган балдарга
Кымыз менен сүт берип,
Кыңырылып айланган
Кемпири сонун кыргыздын.
Телегейи тептегиз,
Жери жакшы кыргыздын.
Өзөгүн берген өз десе,
Эли жакшы кыргыздын.
Токойдун жери кең Талас.

Семетей:

Ак тулпарды минейин.
Ак темир соот киейин.
Кош апаке, берекем!
Манасты тапкан энекем!
Айланайын элимден,
Адашып калган мен экем.

Каныкейди кучактап, кош айтышып: «Аман бол, Букар эли», — деп кол берет. *(Магнитофондон аттын дүбүртү угулат.)*

Каныкей: Ак жолуң ачылсын. Касиеттүү атаң Манастын арбагы колдосун.

Семетейди тосуп, эл чыгат *(балдар, кыздар)*.

Бакай: Қагылайын журтум, кудай бизге берди. Манастан калган белегибиз Семетей эли-жерин таап келди. Эмесе тоюбузду баштайлы.

Балдар көк бөрү оюнун ойношот, кыздар бий бийлешет, ырдашат *(элдик ырлардан)*.

Балдар, эми тынчтанып отургула. Силерге азыркы инсценировка жактыбы? Семетей эмне үчүн тамак-ичпей капа болот? Апасы Қаныкейден эмнелерди сурайт? Қаныкей кыргыз эли-жери туурасында эмнелерди айтып берет? Эли-жерин издеп чыкканда, Семетей канча жашта болгон? Семетейди эли кандай тосуп алышты?

IV. СӨЗ БАЙЛАНЫШЫН ӨСТҮРҮҮ БОЮНЧА САБАКТАРДЫН КОНСПЕКТИЛЕРИ

Манас — кыргыз элинин улуу жомогу.

Сабактын жүрүшү: Балдар, бүгүн биз силер менен 1995-жылы 1000 жылдыгын салтанаттуу майрамдайбыз деп жалпы кыргыз; бүткүл дүйнө эли даярданып жаткан «Манас» эпосу менен таанышабыз. Манас жөнүндө силердин арааларда укканыңар барбы? Манас деген ким? Қайсы мезгилде жашаган? Қыргыз эли үчүн кандай кызмат өтөгөн? Манастын ата-теги ким болгон? Балдар, силер аздыр-көптүр Манас жөнүндө көпчүлүгүңөр угупсуңар. Анда эмесе баарыңарга «Манас» эпосу жөнүндө кененирээк айтып берейин.

«Манас» эпосу дүйнөдөгү эң чоң чыгарма болуп эсептелет. Ал — кыргыз эли үчүн ыйык, асыл баа мурас. Бул жомокто кыргыз элинин жашоо-тиричилиги, уулдарынын баатырдыгы, кыз-келиндеринин сулуулугу, жеринин кооздугу жөнүндө айтылат:

Қайыңга тууган куштары,
Қамынып турат учканы.
Терекке тууган куштары,
Теминип турат учканы.
Тоосунда ак кары бар,
Токоюнда чары бар,
Булбулу сайрап отурса,
Мындуу киши чыккысыз.
Тоту куш талдан үн салса,
Күйүттүү пенде уккусуз.

Бул саптарда кыргыз жериндеги куштардын сайраган үнү, кооздугу, жаратылыштын сулуулугу жөнүндө жакшы сүрөттөлүп айтылган.

Эпосто байыртан бери келе жактан кыргыз элинин каада-салты, жашоо-тиричилиги, аялдарынын, кыздарынын колунан көөрү төгүлгөн ишмердүүлүгү, акылмандыгы, сулуулугу, назиктиги, адамкерчилик сапаттары айтылат. Ал эми Бакай ата сыяктуу карылары абдан акылман, элди башкарган аксакалдардан болгон. Эр азаматтар эч нерседен тайманбаган, эли-жерин коргогон, көптөгөн малдарды багышкан, эмгекти сүйгөн баатыр адамдар болушкан: Бакай атаны, Каныкейди, Манастын энеси Чыйырдыны, Манас баатырды, 40 чорону азыркы күндөгү сүрөтчүлөр жомок боюнча мына мындай элестетишет *(сүрөттөрдү көрсөтүү)*.

«Манас» жомогундагы окуяларды элибиздеги атактуу манасчылар оозеки айтышып, улам кийинки муундарга жеткиришкен, себеби илгери кыргызда китеп болбогон. Ошондой атактууу манасчыларыбыздан болуп чоң аталарыбыз Сагымбай Орозбаков, Саякбай Каралаев, азыркы учурда Уркаш Мамбеталиев агайлар эсептелет. *(Алардын сүрөттөрүн көрсөтүү.)* Манасчылар «Манасты» күнү-түнү чарчабай айтышкан. Ушундай чоң манасчылардын айткаңы кагазга түшүрүлүп, мына мындай дүйнөдө көлөмү боюнча эң чоң бир нече китеп болуп чыгарылган. *(Китептер, анын иллюстрациясы көрсөтүлүп, «Манастан» бир үзүндү уктурулат. Видео жазуу же манасчыны айттыруу, 6—7 мин.)*

Бышыктоо үчүн суроолор: 1. Кана эмесе, балдар, бул үзүндүдөн эмнелерди уктуңар, түшүндүңөр? 2. Манас кимдерди душмандардан коргогон? 3. Баатырдын сырткы келбети кандай болгон? 4. Манасчы «Манастын» окуяларын кандай сезим менен айтты? 5. Балдар, силер дагы Манас атадай эли-жерин сүйгөн, аны кара ниет баскынчылардан коргогон баатыр болгуңар келеби?

(Балдарга үйдөн кыргыздын кооз жаратылышы жөнүндө сүрөт тартып келүүгө тапшырма берилет.) Биз кийинки сабактардан ирети менен Манас баатырдын төрөлүшү, бала чагы, эрдиктери менен таанышабыз.

Жети атаңды билесиңби?

Сабактын жүрүшү: Балдар, силер Манас баатырдын төрөлүшү, ата-энеси, балалык чагы менен өткөн сабактарда таанышкансыңар. Бүгүн биз силер менен «Жети атаңды билесиңби?» деген тема боюнча аңгемелешебиз. Ар бир

кыргыз өз ата-энеси, бабалары жөнүндө билиши керек. Эмне үчүн билүү керек деп ойлойсуңар? Араңарда жети атасын билген, угуп үйрөнгөн балдар барбы? Билбесеңер, бүгүн барып атаңардан сурагыла. Жети атаны билүү — ар бир кыргыздын мойнундагы парзы. Биз өз ата-бабаларыбыз кандай адамдар болгонун, элге кандай жардам бергендерин, эли-жерин кантип сүйгөндөрүн угуп, билип, аларды үйрөнүшүбүз керек. Алар менен сыймыктанып, дайыма эстеп, алардын айтып кеткен жакшы акыл-сөздөрүн, өнөрлөрүн унутпай улантып, өзүбүздүн балдарыбызга үйрөтүшүбүз керек. Себеби кийин силер да балалуу болосуңар. Ошол үйрөнгөн жакшы нерселерди аларга үйрөтүшүңөр керек. Ошондо гана силер жөнүндө жакшы ой-пикирлер сакталып калат. Манас баатырдын да элди башкарган баатыр, кайраттуу, акылман, мыкты бабалары болгон. Анда эмесе, Манастын жети атасы кимдер болгондугун угалы:

Түпкү атасы түгөл кан,
Башкы атасы баары кан,
Башынан кыдыр даарыган.
Түпөп өткөн жерине,
Түктүү мазар орногон,
Мунун түбүнөн кудай ондогон.
Түп атасы Бөйөнкан,
Бөйөнкандан Түгөйкан,
Түгөйкандан Чаянкан,
Чаянкандан Ногойкан.
Сомпуктун суусун бойлогон,
Ногойго согушкан адам сойлогон.
Атасынан бабасы,
Арстандын тукуму
Ичсе канга тойбогон.
Ногойкандан Балакан,
Балакандын баатыры
Канча жерге тараган.
Каяшаяк бергенди
Кармап алып сабаган.
Эңкейтип адам албаган,
Бет алып пенде барбаган,
Балакандан Каракан.
Кайраты мыкты, заары күч,
Катылганды кылган түз.
Кыргыздан тарап туулган,
Мунун кайратынан жан чыгып,
Кытайга салган чуулган.
Каракан ээлеп турганда,
Мейманкана, беш сарай,
Берендин жайын сураба,
Мунун белгилүүсү бир далай.
Билеги жоон, таш жүрөк,
Каракан болуп аталып,

Ал дагы пил мүчөлүү бадирек,
Найзакерден артык эр,
Айбаты бийик, заары күч,
А дагы катылганды кылган түз.

Манастын чоң атасы Каракандан 8 уул төрөлгөн. Каракан өлгөндөн кийин дүнүйөсүн Алооке баштаган душмандар талап кетет. Калган жетим балдарга Нойгут деген уруудан чыккан Акбалта деген хан жардам берет. Жакып бир тууганы Улакан менен биригип, баатыр жигиттерди топтоп, Алооке ташып бараткан оокат-дүнүйөсүн тартып алышат. Алооке ачуусу келип, Кытайдын ханы Эсенканга жөнөткөн дүнүйөлөрдү таппай, жалпы кыргыздарды кайра кыра баштайт. Акбалта элчиликке түшүп, кыргызды арачалайт. 40 үйлүү кыргызды Алооке Алтайга кубалап жиберет.

Кырк үйлүү келген күнөөкөр,
Ордолуу шайык көк шибер,
Айдалып келген мусулман,
Жерибиз Алтай дээр экен.
Алтайда кара калмагың,
Эң эле сонун эл экен.
Алтындын кенин казалы,
Кетмендеп жерди оёлу,
Кайран жан өлүп кеткиче,
Балдарым, кең-кесири тоёлу,
Капанын баарын жоёлу,
Кыйкырсак кыргыз табылбайт,
Көрүнсө абийир жабылбайт.
Бизде, балдар, бел байлаган бала жок,
Медер кылып жүрүүчү,
Белгилүү кыргыз а да жок,
Бизге калка кылар ногой жок,
Качып кетер токой жок,
Биздин эл, аккан булак жок,
Дардайып жатар убак жок,
Жан багып жүрүүчү капырбыз,
Ортосунда калыппыз.
Кечүүгө тиккен баш да жок,
Керсейип жатар чак да жок,
Талаага курган бак да жок,
Бизде талтайып жатар чак да жок.
Сегиз, тогуз жыл болсун,
Жан аябай турушуп,
Жанды аябай багалык,
Кара жер менен урушуп.
Атагы Алтай жер экен,
Кара калмак манжу журт,
Бул аштык билбес эл экен.
Эмгек кыл, балдар, элге кыл,
Ачкан курсак тоюнат,
Арыганы семирет.
Акыл айтты Акбалта,

Олуя заада жан экен,
Акбалта аттуу карыкан,
Чоң акылы бар экен,
Касиеттүү жан экен.
Атагы нойгут ханы экен.
Азып келген алыстан
Ушу турган калың журт,
Бир ырысы бар экен.
Медер кылып Балтаны
Ушу Акбалта тилин алалы,
Чекеден тер агызып,
Аштыкты кенен айдайлы.
Кайгынын баарын жоёлу.
Кара жерди биз быйыл
Кетмендеп жатып оёлу.
Келжейип басып жүргүчө,
Быйыл кең-кесири тоёлу.
Акбалта тилин алалы,
Быйыл арбыта малды табалы.
Тирүү жанга мал керек,
Малды жыйнап алалы.
Семирип сергип калалык,
Жан аябай мал жыйнап,
Кара калмак манжуга
Тең тууган болуп алалык.
Капанын баарын таштайлык,
Быйыл кайратты мыктап баштайлык.

Кыргыз эли тээ илгертеден мээнеткеч, эмгекчил, кайраттуу, барга-жокко чыдамкай, бири-бирине күйүмдүү, ынтымактуу эл болгон экен. Башка элдер менен да ынтымакташтып жашашкан. Балдар, ушинтип биздин ата-бабаларыбыз кыйынчылыктарды чогуу жеңишип, жер айдап, мал багып, катуу эмгектенишип, кайраттуу болуп, кыргыз элин сактап калышкан экен.

Бышыктоо үчүн суроолор: 1. Кыргыз элинин жети атаны билүү жөнүндөгү салты силерге жагабы? 2. Эмнеси менен жагат? Манастын ата-бабалары ким болгон? 3. Манастын чоң атасы Каракандын канча баласы болгон? 4. Каракан өлгөндө алардын дүнүйөсүн кимдер талаган? 5. Каракандын балдарын ким баш коштуруп, дүнүйөсүн кайрып берген? 6. Акбалта кандай адам болгон? 7. Кыргыздарды Алооке кайсы жерге көчүрүп жиберген? 8. Кыргыздарга Акбалта эмне акыл-насаат үйрөткөн? 9. Ата-бабаларыбыз кыргыз элин сактап калуу үчүн кантип аракеттенишкен?

Манастын төрөлүшү жана балалык чагы.

Сабактын жүрүшү: Балдар, өткөн жолу силер Манас эпосу, манасчылар менен тааныштыңар. Бүгүндөн баштап Манас эпосундагы окуялар менен иреттүү таанышабыз.

Илгери-илгери, көптөгөн кылымдар мурда кыргыздар мал багышып, бир жерден экинчи жерге көчүп-конуп жа-

шашкан. Алтай тарапка душмандардан качып көчкөн 40 үйлүү кыргыздардын арасында абдан бай, салтанаты адамдан ашык болгон Жакып деген адам жашаган. Элүүгө жашы келсе да, балалуу болгон эмес. Жакып бир күнү түш көрөт. Түшүндө бир ак сакалчан киши келип мындай дейт:

Тарбиячы:

Бүгүн байбичең сенин шумкар тууйт,
Сенин кула бээң тулпар тууйт.
Кабылан Манас шер уулуң,
Казатка минээр ат ушул.
Баатыр Жакып билип ал,
Жашы он экиге келгиче,
Ок жетпес атын мингиче,
Ок өтпөс тонун кийгиче,
Манас Манас болгуча,
Уулумдун аты Манас деп,
Бир адамга билгизбе,
Бир калмакка туйгузба,—

деп айтып, көздөн кайым болот. Жакып чочуп ойгонсо, жанында эч ким жок. Аябай сүйүнүп, түшүн жорутса, ага Акбалта мындай дейт:

Бала:

Арстандай кайраттуу,
Эркек уул, эр болуп,
Не кыйындын баарысы
Эсен берип, эр болуп,
Карайт экен көзүңө,
Кара тоодой касиет
Конот экен өзүңө,
Баланыздын орою
Көрүнгөн экен көзүңө.

Тарбиячы:

Ай мезгили толуптур,
Тогуз ай, тогуз күн
Убактысы болуптур.

Жакыптын байбичеси Чыйырды эркек бала төрөйт.

Бала:

Бакдөөлөт жерден алганы,
Бакырып жаткан баланы
Он бештеги баладай
Көтөргөндө салмагы,
Берген экен кудайым,
Берекелүү баланы.

Бардык эр азаматтар сүйүнчүлөө үчүн Жакыпты издеп жөнөшөт. Акбалта чал да сүйүнчү алыш үчүн жолго чыгат:

Акбалта көрүп акыры,
Сүйүнчү деп бакырды.

Кубангандан бай Жакып,
Не дейсиң деп, чакырды.

Анда Акбалта муну айтат. *(Магнитофондон уктурулат.)*

Айтканымды туюнчу,
Арстаным, Жакып, сүйүнчү!
Карыганда байбиче
Кабылан тапты, сүйүнчү!
Жоголордо байбиче
Жолборс тапты, сүйүнчү!
Эриккенде байбиче
Эрмек тапты, сүйүнчү!
Кайгырганда байбиче
Каралды тапты, сүйүнчү!

Жакып аябай сүйүнүп, сүйүнчүлөгөндөргө минген аттарын тартуулайт. Көп мал союп, дасторконго толо дүрдүйнө тамак жайып, конок тосот. Ат чабыш, эр оодарыш, күрөш ж. б. оюн-тамашалар бир нече күнгө созулат. Кана эмесе, балдар, биз дагы ошол оюндарды ойнойлу. *(Ат чабыш, күрөш, кол күрөш оюндары ойнолот.)*

— Эми балдар, бала төрөлгөндө ар бир балага эмне коюлат?

— Туура, ат коюлат. Ар бир ата-эне уулумдун, кызымдын аты жакшы, өзү эстүү болуп, элине кызмат өтөсө экен деп тилешет. Жакып да баласына ат коюп бергиле деп элге кайрылат. Ошондо:

Бала:

Берген болсо уруксат,
Мен коёюн атын — деп,
Дубана сүйлөп калганы.
Ат коюңуз акыр,— деп,
Алла-таала сактасын,
Ар балээден сактасын,
Бата кылды баарысы,
Жашы менен карысы.
Аты жакшы болду деп,
Айтканга көңүл толду деп,
Ата-энеси кубанды.

Манас кичинекейинде күчтүү, тентек болуп чоңоёт. Калмак, кытай балдары кыргыз балдарына күн көргөзбөй, тентип келгенсиңер деп кордошот. Буга ачуусу келген Манас аларды аябай сабайт. Жакып баласынын бул кылыгына абдан ачууланат.

Казмак болдуң орумду,
Кайпатмак болдуң, кулунум,
Капкадагы шорумду.
Бу тентегиң койбосоң,

Уулуң бала кырды дей,
Уятты калмак кылбайбы.
Уулум сенин айыңдан,
Ушул турган кыргызды
Такыр кырып салбайбы.

Акбалта келип: Атаңдын көрү, ой Жакып,
Аты Манас бул уулуң,
Калмак турсун канчага
Кыргын салар шер ушул,
Садагасы кетелик,
Өзү тентек балага
Мойнуна тумар тагалы,
Бул баланы багалы.
Туйбаганды туйгузуп,
Туура жолго салалы.
Өйдө чыксак Манасты
Өбөк кылып алалы,
Ылдый түшсөк Манасты
Жөлөк кылып алалы.
Бул Манастай тентекти
Кырк үйлүү кыргыз чогулуп,
Эркелетип көрөлү,
Эзели кара калмактан
Ушул бала Манас үчүн,
Ажал жетсе өлөлү.

Атасы эмгектенгенге үйрөнсүн, кыйынчылыкты, ачкатокту көрсүн деп, Манасты Ошпур деген койчусуна жардамчылыкка берет. Ошпурдукунда Манас он экиге чыкканча жүрөт, тентек, сөз укпайт. Малын союп, кырып, жанына менин чоролорум деп көп балдарды топтоп, аларга козуларын союп сыйлап, төрө болуп алган. Ошпур эмне кыларын билбей, атасы Жакыпка келип мындай дейт: *(Ошпурдун Жакып ханга келип даттанганы.)*

Уулуң Манас эр болду.
Айтсам кулак укпады,
Кырк баланы жолдошко
Кыраан балаң жыйнаптыр.
Бөрү кырган немедей
Талаага койду кырыптыр,
Балаң оңдуу жан болбос,
Жанындагы жолдошу
Жаланып турган сур жолборс,
Кара чаар кабылан,
Ал уулуңдун жөкөрү.
Уулуңдун аты Чоң жинди,
Мунун Манас атын ким билди,
Эсенкандын элчиси
Билген экен сыйкырчы.
Буруттан Манас чыгат деп,
Мурунтан издеп жүргөнү,
Бул Алтайдан туулду.

Айткан Манас өзү экен,
Өзү турмак Манастын
Карарган кара көзү экен,
Тутанып кеткен сен Жакып,
Арамга бөлүп санааңды
Уулумдун аты жинди деп,
Айтпапсыз Манас баланды.
Өрттөмөк болду Алайды,
Ал баланды тыйып ал,
Калмакты көрсө камады,
Манжуну көрсө сабады,
Баланды тыйып, тилимди ал,
Менин айтканым ушул, билип ал.

Бышыктоо үчүн суроолор: 1. Жакып бай эмне үчүн балалуу болууну кудайдан тилеген? 2. Манастын атын ким койгон? 3. Манас кичинекей чагында кандай эле? 4. Эмне үчүн Манас көп шоктук жасаган? 5. Эмне үчүн Манас калмак, кытай балдарын сабаган деп ойлойсуңар?. 6. Манас атасынын малын союп, жолдошторуна бергени тууралбы? Кандай деп ойлойсуңар? 7. Эмне үчүн Жакып бай Манасты өзүнүн койчусуна жардамчы кылып берген? 8. Ошпур Манас жөнүндө эмнелерди айтты?

Манастын төрөлүшү.

II вариант

Сабактын жүрүшү:

— Саламатсыңарбы, балдар, бул кайсы бөлмө?

— Кыргыз бөлмөсү.

— Бул жерден биз силер менен боз үйдүн жасалгабуюмдары менен таанышканбыз, эсиңердеби? Бул эмне эле?

— Бул — боз үй.

— Туура, бул — боз үй. Боз үй эмнеден жасалган?

— Кийизден.

— Кийизди эмнеден жасайт?

— Койдун жүнүнөн жасайт.

— Илгери балдар, биздин ата-бабаларыбыз ушул боз үйдө чоңойгон экен. Биздин эл көчмөн калк болгон. «Көчмөн» деп бир жерден экинчи жерге көчүп-конуп жүргөн элди айтышкан. Ошого байланыштуу эл боз үйлөрдү колдонушкан. Ошондой эле биздин эл мал менен жан сактап келген, азыр да мал багып эмгек кылышат.

— Балдар, эстегилечи, өткөн аңгемелешүүбүздө «Манастын» кайсы жерине келип токтодук эле.

— Бай Жакыптын түш көрүп, аны жорутканы.

— Кана эмесе, балдар, эстеп көргүлөчү, Манасты кимдер айтышкан? Кыргызда белгилүү улуу манасчылар кимдер? Жакыптын арманы эмнеде болгон? Ал кандай түштү

көргөн? Түшүн ким жоруп берген? *(Ушул сыяктуу суроолорду берип, тарбиячы өткөндү кайталап, бышыктап алат.)*

— Анда эмесе, балдар, мындан ары окуяларды кунт коюп угуп отургула. Ошентип, той өткөргөндөн кийин, эр Манас бойго бүткөнүнө үч ай толгондо Чыйырды апабыз жолборстун жүрөгүнө талгак болот. Жолборсту аттырып келип, этине тоюп, шорпосун ичип эс алат. Ошентип, тогуз ай, тогуз күн болуп, толгоо башталганда Жакып бай: «Мен баланын үнүн уксам жүрөгүм жарылып кетпесин» — дейт да, жылкыларын көздөй бет алып кетет. Ошентип, Чыйырды апабыз Умай эненин жардамы менен көз жарат. Эр Манастын жарык дүйнөгө көз жарып, ыйлаган үнүнөн байланган аттар үркүп, баланы көргөн Бакдөөлөт сүйүнүп, айылдагылар бай Жакыпка сүйүнчүлөшүп, Чыйырды эркек бала төрөдү деп жар салышат. Эр Манастын оозуна оң эмчегин салганда сүт чыгат. Экинчи жолу соргондо кан чыгат, үчүнчү жолу соргондо суу чыгат. Чыйырды апанын сай сөөгүнөн буу чыгат. Муну көргөн аялдар таң калышып, жөнөкөй бала эмес экендигине баа беришет. Бай Жакыпка эң биринчи Акбалта сүйүнчүлөйт:

Сүйүнчү, сүйүнчү!
Карыганда байбиче
Кабылан тапты, сүйүнчү!
Жоголордо байбиче
Жолборс тапты, сүйүнчү!
Эриккенде байбиче
Эрмек тапты, сүйүнчү!
Кайгырганда байбиче
Каралды тапты, сүйүнчү!

Жакып Акбалтага айтылган сүйүнчүсүн берип, сүйүнүп үйүн көздөй бет алып баласын көрүп, чоң тойго камынып, туш-тушка жигиттерин чаптырат. Ошентип, чоң той өтөт. Дасторконго түркүн тамактарды жайнатып, ар кандай оюн-шоок, ыр, бий менен бай Жакыптын кубанычын жалпы калк бөлүшөт.

Аңгеменин акырында тарбиячы өтүлгөн материалдар боюнча балдарга суроо берип, түшүнүктөрүн, ойлорун топтойт, бышыктайт.

Манастын кырк чилтенге жолукканы

Сабактын жүрүшү: Таң кашкайып атканда, жерге жарык тийгенде, балапан торгой чуркурап, салкын желге чөптөр, камыштын баштары ыргалып, жан-жаныбарлар

уйкудан ойгонгон кезде, таң эрте турган Манас 40 бала менен чүкө атып ойноп жатышса, тээ алыста бир куба карышкыр көрүнөт. Муну көрөр замат Манас кутургандай кууп жөнөйт. Жетип, чокмору менен чаба турган болгондо, кайдан экени белгисиз кырк киши уй мүйүз тартып отура калышат. Муну көрүп, Манас таң калат. Отурган ак сакалдарга ийилип салам берет. Кыдыр ата сурайт:

— Ой, балам, сага эмне болду, кимди издеп жатасың аландап?

— Азыр эле карышкыр ушул тарапка качкан, бир заматта көздөн кайым болду.

— Карышкыр болуп кубулган мен болчумун. Сага көптөн бери жолугайын деп жүрдүм эле, — дейт Кыдыр ата.

— Сиз кантип карышкыр... — деп Манас оозун жыя электе, Кыдыр ата күлүп: «Таң калбай эле кой, балам, андан көрө бул отурган Кыдыр аталарыңа кол берип чык, сени колдоп жүрүшсүн», — дейт. Кыдыр ата Манаска ичинен кийгенге ыпча тон белекке берет. Тондун жакасы алтын, жеңи жез, жоого кийсең ок өтпөс касиети бар, тонду Кыдыр атам берди деп жерге таштабай жүр дейт. Кыдыр ата Ошпурдун уулу Чегени чакырып алып, анын ата тегин сурайт.

— Кара калмак уулумун. Атым — Чегене, Манастын теңтушумун,— дейт ал.

— Оо, балам, сенин Чегене атыңды өзгөртүп Кутубий деп атайын. Манас балам, Кутубий мындан ары сага кутман болсун, жаныңа күйүмдүү дос болуп жүрсүн, — дейт да, көздөн кайым болот. Ошентип, Кутубий Манастын жакын жардамчысы болуп калат.

Бышыктоо үчүн суроолор: 1. Жомокто айтылган таңкы убакытты ким сүрөттөп берет? 2. Чүкө ойноп жаткан Манас алыстан эмнени көрөт? 3. Ал карышкырды эмне кылат? 4. Кандай укмуштуу кубулушка учурайт? 5. Манас салам берген адамдар кимдер болгон? 6. Кыдыр ата Манаска эмне буюм берет? 7. Манасты ким менен достоштурат?

Манастын кан шайланышы.

Сабактын жүрүшү: Бир күнү Манас байдын уулдарын чогултуп, аңчылыкка чыгышат. Асты жыйырма беш, аягы он бештеги сексен төрт азамат чогулушуп олтурганда кан шайлоону чечишет. Бириңер атыңарды сойгула, суурулуп арабыздан чыккыла, кан көтөрүп алалы дешет. Бирок ар кими шылтоо айтышып, атын союп, кан болуудан баш тартышат. Аягында араларында эң кичүүсү Манаска ке-

зек келет. Чегебай деген жолдошу Манастын минген аты арык, анын ордуна семиз боз быштыны союп:

Байрак байлап, туу кылып,
Кашында Манас баланы,
Кан көтөрүп коюңар,— деп сунуш кылат.

Боз быштыны союшуп, койгула десе болбостон «Ак тердикке салып» кан нөкөрү бизбиз деп, кашындагы боз балдар Манасты кан көтөрүп алышат. Алтай тоосунун арасында Жакыпка канатташ жашап, ынтымагы бир жамаатташ болгон казак, кыргыз, кыпчак, үйшүн, найман, алчын, аргын ж. б. уруулары чогулуп жыйын курушту. Жыйында бай Жакып жалпы элге кайрылат: «Алтайдагы калмактар менен жоолашып, Бээжиндеги каны Эсенкан көптөн бери кекенип жүрөт, туш-тушубуз жоо болуп, ошондуктан жөн жатпайлы, жоо бир күнү каптап келип басып калса, тукум калбай кырылып тумшугубуз катпайлы. Баарыласа, көптөсө балакетке салбасын, баш көтөрөр айылда бала калбай калбасын?

Баарыңарга эп болсо, биз да өзүбүзчө камданып, зордукчу душман келсе каршы туралы, ал үчүн ылайыктуу бүрөөнү кан көтөрүп алалы! Өкүм болбой өнүкпөйт, өзүнчө бу журт жөнүкпөйт. Башчысы болбой марыбайт, баш аламан жарыбайт. Жаныңды калкалайм десең, каныңды көтөр!

Биз да биргелешип зордукчу душманга кайрат кылалы»! — Ал жерде тургандардын баары бай Жакыптын айткандарын кубатташты.

— Кана, чыгым тосор жалдан, калп айтпаган чындан, казатка чыгар тындан, беттешкен жоого белдүүдөн, белдешкен жоого демдүүдөн, өткүр, чечен тилдүүдөн, өкүмөт жөнүн билчүдөн бириң кан болууга чыккыла! Эч ким кан болом деп чыкпайт. Аңгыча салбырынга барып аң уулоодон келе жаткан сексен төрт бала: — Камалышыңар кандай? — дешти элге. Айнакун деген бала элге кайрылып:— Биз Чече минген бу быштыны талаада союп, Манас деген баланы кан көтөрүп алганбыз. Биз көтөргөн кан силерге туура келеби? — Көпчүлүк кубаттап, Манасты кан шайлоого макулдугун беришет.

— Кана, көтөрөлүк канды! — дешип, казак, кыргыз камалып, калмак, маңгул жабылып, бай Жакыпты алты кулач ак кийиздин үстүнө салышып, Манасты жанына олтургузуп көтөрүшөт. Жети кадам басканда: — Болду, балдар, болду! — деп Жакып жерге түшүп калат. Эл Манасты көтөрүп, алиги жыйынды жети айланышты. Кан

өкүмүн колуна тийгизди, кан таажысы ушу деп бала Манастын башына жыгалуу бөрктү кийгизди. Кандуу болуп калдык дешип чогулгандар сүйүнүшөт, ак батасын беришет.

Бышыктоо үчүн суроолор: 1. Манас балдар менен кайда барат? 2. Балдар эмне чечим чыгарышат? 3. Эмне үчүн балдар кан болуудан баш тартышат? 4. Балдар Манасты кантип кан көтөрүшөт? 5. Жакып бай баш болгон аксакалдар эмне үчүн бирнгип, кан шайлоону чечишет? 6. Кандай адам кан болуусу керек экен? 7. Ак уулоодон келе жаткан балдар чогулган элге эмне деп айтышат? 8. Эмне үчүн Жакып бай кандыкты баласына берет? 9. Канды эл кантип көтөрүшкөн?

Манастын эли-жерин коргоо үчүн көрсөткөн алгачкы эрдиктерди.

Сабактын жүрүшү: Балдар, биз силер менен өткөн сабакта Манастын ата-теги, анын балалык кезиндеги окуялары менен таанышканбыз. Бүгүн Манастын эр жете баштагандан бери өзүнүн кыргыз элин, жерин коргоо үчүн болгон эрдиктери менен таанышабыз. Бээжиндин каны Эсенканга Жакып деген байдын малы батпай, жердин баарын ээлеп алды деген сөз жетет. Эсенкан Кочку деген балбанын баш кылып, көп колу менен 40 үйлүү кыргызды малы менен чаап, Манасты байлап келгиле деп жиберет. Эсенкан жиберген жоо тынч жаткан 40 үйлүү кыргызды жин ургандай каптап кирет. Ошондо Акбалта, Жакып баш болуп, мал-мүлктү алса алсын, эл-журтубуз менен аман калсак экен деп турганда, Манас Торучаарын минип:

Ал ачгыча болгон жок,
Он экиде эр Манас,
Минген аты Торучаар
Жоо жарагын шайланып,
Кыны жок кылыч байланып,
Кайра жаачу булуттай
Каары бетине айланып,
Ач жолборстой чамынып,
Өрттөй көзү жайнаптыр.

Ачуусу келген Эсенкан жиберген Кочку деген баатырын баш кылып баарын талкалайт. Ошентип, баатыр бала Манас элин душмандан коргоп калган экен. Эл аябай сүйүнүп, Манасты алкап, карыялар баш болуп ак батасын беришет.

Балдар, бүгүн биз силер менен Манастын эли-жерине болгон сүйүүсү, душмандарга көрсөткөн алгачкы эрдиктери менен тааныштык.

Бышыктоо үчүн суроолор: 1. Бээжиндин каны ким болгон? 2. Ал Қочку баш болгон баатырларын эмне үчүн жиберген? 3. Душмандарга каршы Манастын көрсөткөн эрдиктери кандай экен?

Үйдөн өтүлгөн сабактар боюнча өзүлөрүнө жаккан окуяларды элестетип, сүрөт тартып келүүгө тапшырма берилет.

Манастын өз эли-жерине кайтып келиши.

Сабактын жүрүшү: Бүгүн, балдар, силер менен Қошой ким болгонун, Манас Қошойго кимдин айтуусу боюнча барганын, Манастын Торучаарын ким атып өлтүргөнүн, өз эли-жерине келгендиги туурасында айтып берейин. Акбалтанын ким экенин билесиңер. Акбалтанын айтуусу боюнча Манас баатыр Қошойду издеп жөнөйт да, Ак-Талаанын Чеч-Төбө деген жеринен жолугат. А Қошой болсо, мурунтан эле Манастын келишин күтүп жүргөн:

Тууган үчүн, журт үчүн,
Қыйратып кыргын салсам деп,
Акбалта, Жакып, эр Манас
Дарегин таап алсам деп,
Ушуну ойлоп жүргөмүн,
Келээриңди билгемин,
Келет го деп жүргөмүн,
Келбесең издеп барууга
Азган-тозгон кыргыздын
Эрлерин жыйнап алгамын.
Келе, Манас колуңду,
Кубандым бүгүн дессемби?
Курдашым Жакып, Акбалта
Курбуларым эсенби?
Айдалган элдин башчысы
Алтайга келген кырк түтүн,
Азган журтуң бели эле,
Акбалта, Жакып аманбы?

Анда кабылан Манас Қошойго:

Айланайын Қошой аба,
Қасиеттүү карыям,
Айла тапкыч олуям,
Өйдө тартсам өбөгүм,
Ылдый тартсам жөлөгүм,
Астыга салсам ак жолум
Аркамда жүрсө сан колум,—

деп чоң кубаныч менен көрүшүшөт. Ошентип, бүт кыргыз эли Манасты чоң кубаныч менен тосуп алышып, той жасашат. Қошой Манасты кайрадан элине узатат. Манас келгенче Эсенкан жиберген, Жолой баш болгон душман-

дар 40 үйлүү кыргыз элин селдей каптап кирип, Акбалта, Жакып, Кутубийлер эмне кылаар айласын билбей, душмандар менен жан аябай кармашып жаткан кези экен. Муну көрүп Манастын ачуусу келип, Кутубийге:

Кейибегин, Кутубий,
Кумурскадай кытайды,
Кырып айдап сүрөлү — деп,
Торучаар санга бир салып,
Тоо сыяктуу олондоп,
Толгон найза колго алып,
Толкуп жаткан кытайга
Токтобой Манас кол салып,
Жеткен жерде баарысын
Көмө коюп өттү эле,
Ат көтөргүс алптарын
Атынан сайды кулатып,
Кайраттуусун эрлерин
Көмө сайды сырайтып,
Каарданып бакырып,
Каракурттай Кытайды
Айдап чыкты сапырып.

Каражой деген мергенчи аңдып жүрүп, Манастын аты Торучаарды атып өлтүрөт. Манас аты жок калганда Кошой артынан жете келип, Айбанбоз деген атын Манаска тартуу кылат. Кошой Манаска:

Атактуу Талас, Чоң Кең-Кол
Жердей көр ушул жериңди,
Күтө көр кыргыз элиңди.
Таласты күтүп чеп кылган,
Жолун тосуп бек кылган,
Конуш кылгын Таласты,
Кан көтөрүп биз алдык,
Жакыптын уулу Манасты.
Медер кылып ошондо,
Жакыптын уулу Манасты,
Эрендер жыргап калкылдап,
Эсен көчүп былкылдап,
Бирдигин берип Манаска,
Өлгөндөрдөн калгандар,
Аман жетти Таласка.

Ошентип, Кошой аксакалдын айтуусу боюнча Манас баштаган 40 үйлүү кыргыздан тараган эл көптөн бери эңсеген эл-жерине келип кошулушат.

Бышыктоо үчүн суроолор: 1. Кошой деген ким болгон жана кайсы жерди жердеген? 2. Манас кимдин айтуусу менен Кошойго жолукту? 3. Эсенкан, Жолой, Нескара, Дөөдүр кимдер болгон? 4. Манастын атын ким атып өлтүрдү? 5. Кошой тартуу кылган аттын аты кандай? 6. Эмне себептен алар Таласка көчүп келишти?

Манастын эгин айдап, Аккуланы сатып алышы.

Сабактын жүрүшү: Манас айлы менен Таласка келип конгондон кийин, жоро-жолдоштору менен кубанып, ойноп-күлүп чоң тамаша салып жүргөн убакта, атасы Жакып: «Малымдын баарын түгөтүп бүтмөй болдуң», — деп Манаска аябай ачууланып урушат. Атасы менен айтышып талашпастан, ага таарынып: «Мындан көрө өзүмө ылайык дос табайын», — деп, дагы жолго чыгат. Манас Баба дыйканга жолугат. Анын сунушу боюнча эгин айдап, багып өстүрүп, күз мезгили болгондо буудайды чаап, тоодой кылып түшүмүн үйүп, жанына уктап калат. Кургакчылыктан эли ачка калган Нойгут каны Карача эгин издеп, далай жерди кыдырып, эч нерсе таба албай келе жатып, талаада тоодой үйүлгөн эгинди көрүп, аябай кубанат.

— Кудай берет деген ушу, — деп ылдамдай басып келип караса, жанында конуругу таш жарып, даңкайып Манас уктап жаткан болот. Муну көрүп Карача: «Оо, кудай, биз эгин таптык деп сүйүнүп келсек, бул жерге эгин албай эле, өлгөнү келген турбайбызбы? — дейт. Бул ойгонсо бизди соо койбойт, тезирээк бул жерден кетели», — деп өзүнө акыл салганча болбой Манас ойгонуп кетет. Алдында кең көкүрөк, кайкы жол, кетмен туяк, кең соору, аркар аяк, жал куйругу төгүлгөн, көргөндө көздү тандырган баягы Кыдыр ата айткандай сулуу жаныбар турду. Манас Карачага ийилип салам айтты. Ошондо Карача: «Айланайын балам, быйыл кургакчылык болуп, элим ачка калмай болду. Ушул айбандан артык атымды бээнин сүтүн берип бактырдым эле, Айкөл Манас, сага тартуу кылып берейин».

Муну укканда Манас сүйүнүп, мээнет кылып өстүрүп жыйган эгинин Аккула үчүн Нойгуттун каны Карачага тартуулайт. Карача кубанганынан: «Бул жаныбар сага гана ылайык, балам, аты — Аккула. Баатыр, эли-жерин коргогон азамат минээр мал», — дейт.

Манас өзүнүн көңүлүнө жаккан тулпарга жеткенине аябай сүйүнөт.

Манастын Бакай, Ажыбайга жолугушу.

Сабактын жүрүшү: Балдар, өтүлгөн сабакта Манас Аккуласын кандайча алгандыгы эсиңердедир. Ошентип, Манас Аккуласын минип алып, андан ары өзүнө ылайык жолдош издеп жөнөйт. Ушул кезде Бакай Жакыптын уулу Манас Таласка келиптир деген кабарды угуп, өзү издеп

келе жаткан болот. Кыраакы Бакай алыстан көрүп эле Манас экенин баамдайт. Манас Бакайды көрүп, ойлонуп калат. «Бул келе жаткан адам ак ниет, адамкерчиликтүү, эр жүрөк, кайраттуу, баатыр болсо, өзүмө дос кылып алайын, ал эми акылман, сөзгө чебер, ак жолтой киши болсо, өзүмө кеңешчи кылып алайын. Андай эмес, каршы келе жаткан душман болсо, ушул жерден башын алайын», — деп өзүнө кеп-кеңеш салгыча болбой, Бакай жете келет. Манас Бакайга салам берет. Манаска карай Бакай мындай дейт: «Оо, ботом, ураның ким, дайның ким, уругуң ким, айлың ким? Билегиң жоон, таш жүрөк, астыңда шумкар, малың бар. Он сегиз миң ааламды, кулатып кирчү алың бар. Беренимсиң, белимсиң, ураның айт элиңдин. Оо, ботом, кайдан келген эримсиң?»

Бакай мындай дегенде, Манас туруп муну айтат:

Жайы-кышы кар кетпес,
Ала-Тоо биздин жерибиз.
Таң калтырып той берген,
Кыргыз биздин элибиз.
Жолдош болсоң сен баатыр,
Жосунуңду билебиз.
Жоголгон экен көп тууган,
Ошону издеп жүрөбүз.
Бай Жакыптын жалгызы,
Кабылан Манас өзүмүн.

Бакай кубанганынан көзүнүн жашы камчы боо агып: «Оо, жараткан, бул кандай, өңүмбү же түшүмбү? Айланайын Манасым, Алтайдан качан келет деп, күтүп жүрдүм өзүңдү. Таласка келди, келсе издейин деп чыккам. Чын өзү болсоң Манастын, келчи бир көрүшөлүү», — деп Бакай жогун издеп тапкандай кучагын кенен жаят. Манас барып Бакайды кучактайт. Ошол күндөн баштап Бакай: алдыда жүрсө ак жолтой, артта жүрсө сен колдой дегендей, Манастын эң жакын акыл айткан кеңешчиси жана жоого аттанса оң колу болуп жүрүүгө сөзүн берет. Ошентип, андан ары экөө жол жүрүп отурушуп, Аргындын уулу Ажыбайга жолугушат. Ажыбай да Манастын Таласка келгенин угуп, издеп жүргөн кези экен. Ажыбай Манас менен Бакайды көрүп, ийилип салам берет да, өзүнүн Манасты издеп жүргөнүн айтат. Бакай Ажыбайга Манасты тааныштырып, издеп жүргөн шериң сенин мандайында дейт. Ажыбай Манас экөө кучакташып көрүшөт. Аккелтени Манаска тартуу кылат. Ажыбай мүчөсү келишкен, сөзгө чебер, чукугандай сөз тапкан, кырк элдин тилин билген, өтө айлакер, акылдуу адам болгон. Ошол жерден Манас

менен достошуп жүрүүгө, бири-бирине ак ниет кызмат кылууга антташышат. Кубанышып, элин көздөй кайтышат.

Аңгеменин акырында балдарга эли-жерин сүйүү, ага жанын аябай кызмат өтөө, досчулук, ак ниеттүүлүк жөнүндө суроолорду берип, түшүнүктөрүн бекемдөө иши жүргүзүлөт.

Канукей — кыргыз аялдарынын үлгүсү.

Сабактын жүрүшү: Өтүлгөн теманы кайталоо үчүн суроо-жооп алынат: 1. Манаска буудайды айда деп ким айтыптыр? 2. Буудайдан эмне жасайт? 3. Буудайдын үрөнүн кайсы убакта сээп, кайсы убакта жыят? 4. Буудай кандай багылат? 5. Манас Кыдыр ата менен канча ай болду? 6. Буудайдын данын Манас эмнеге алмашты? 7. Аккуласын минип алып, ал биринчи кимге жолукту? 8. Бакай кандай киши болгон?

Суролорго жооп алып, жоопторун толуктагандан кийин, жаңы сабак өтүлөт.

Эмесе, балдар, биз бүгүн Канукей апабыз жөнүндө, анын сулуулугу, кыраакылыгы, ишмердүүлүгү, сарамжалдыгы ж. б. сапаттары туурасында силер менен аңгемелешебиз. *(Балдарга Канукейдин сүрөтүн көргөзөт.)* Силер көрүп турган Канукейдин сүрөтү. Жакшылап карап көргүлөчү, балдар, Канукейдин кандай өзгөчөлүктөрүн байкап жатасыңар? — Сулуу, чачы узун. Канукей сулуу эле болбостон, колунан көөрү төгүлгөн уз, ишмер болгон. Манас баатыр жоого кийүүчү ок өтпөс ак олпокту тиккени жөнүндө окуп көргүлөчү.

Алтымыш Кытай, миң колдой,
Атышка чыгып келгенде
Ок өтпөсүн деп койгон,
Он эки бөлүп толгогон,
Ак олпокту Канукей
Он эки жылда ондогон.
Манас кийсе кең болгон,
Он эки мүчө тең болгон,
Канукей тиккен ак олпок
Жакасы алтын, жеңи жез.

Андан башка дагы Манас Баатырдын 40 чоросунун жабдыктарынын жасалгаларын, тердиктерин жасаган. Мунун баарын Канукей жанына иштүү кыз-келиндерди, апаларды чогултуп, ар кийимдин түрлөрүн камдаган.

Кайран жеңе, Канукей,
Ат жабдыктын баарысын,

Шайлап жүргөн эмеспи.
Атышка кийсе ок өтпөс,
Ар кийимдин баарысын
Камдап жүргөн эмеспи.

Балдар, ошол мезгилден ушул кезге чейин илгерки кыз-келиндердин ишмердиги, кол өнөрчүлүгү бизге жетип отурат. Азыркы биздин апаларыбыздын, кыз-келиндердин арасында укмуштуудай иштүүлөрү бар.

(Кыргыздын жасалга буюмдары же сүрөттөр пайдаланылат: шырдак, туш кийиз, боз үй, куржун, жер төшөк, ала кийиз, көлдөлөң, кийимдер, жоокерлердин жабдыктары ж. б.)

— Булардын баарын кимдер жасашыптыр? — Туура, уз апалар, кыз-келиндер. Алар жоокерлердин элди-жерди коргоосуна колунан келген жардамдарын көрсөтүшкөн.

Бышыктоо үчүн суроолор: 1. Каныкей ким болгон? 2. Манасты кандай иш-аракеттери менен колдогон? 3. Манас баатыр жоого кийген кийимдерин, жабдыктарын кандайча атаган? 4. Жабдыктарды, жоо кийимдерди кимдер жасаган? 5. Эмне үчүн кыргыздын иштүү кыз-келиндерин уз деп айтабыз?

Алмамбет менен Манастын достугу.

Сабактын жүрүшү: Балдар, силер өткөндө Манастын Алмамбетке жолукканы туурасында билгенсиңер. Бүгүн силерге Алмамбет менен Манастын кандайча дос болуп калгандыктары туурасында айтып берейин.

Манас кырк чоросу менен сейилдеп, Төө-Мойноктун ашуусунда жүргөндө Алмамбетке жолугат. Ошондо Алмамбетке карата Манастын айтканы:

— Баатыр, ээн талаада жүздөштүк. Кыргызда кел демек бар, кет демек жок. Кетем десең Аккула атым минип кет, Аккелте мылтык алып кет. Кааласаң ээлик кылар жер мына, эркелеп жүрөр эл мына, күтүп калды кең Талас. Ал жерде Бай Жакып деген атаң бар, Чыйырды деген энең бар, ата-энеге баралы.

Ошондо Манаска карата Алмамбеттин айтканы:

— Төрө, аруу пейил, ак ниет, намыска бек, каска көк өзүндөй Эр таптым. Кайыптан бүткөн Аккула, касиеттүү Аккелте, калган каруу жарагың өзүнө кут болсун. Тартууңа кулдугум, кайра өзүң ал, мага Сарала ылайык. Чоролор! Баарыңардан сурайм. Дайым силер менен чогуу жүрөйүн, башка түшкөн мүшкүлдү тең бөлүшөйүн. Ушуга бата кылып койгула.

— Акылыңа бәли! — деп, Бакай ордунан тура калганда, баары Теңирге алакан жайышып, бата кылышат.

— Сүйүнчү ата! Сүйүнчү эне! Уулду болдуңар. Алмамбет келе жатат. Манастын учарына канаты, коноруна куйругу. Көк-Теңирдин буйругу, эрөөлгө чыкма найзасы, чабышарга кылычы. Жалпы кыргыз ырысы, жортуулда талбас бууданы, кайып берген тууганы. Ушинтип чоролор сүйүнчү айтып, бай Жакыптын ордосуна кирип келишет. «Теңир жалгасын! Жалгаганы ушул, уулума жолдош кошулду», — деп Жакып бай сүйүндү. Бай Жакыптын ак ордосу шаңга толду. Баатырлар Төө-Мойнокту ашып, Көк-Жайлоону басып, Өтмөктүн белине чыкканда, Бакай адатынча кызыл ташына чыгып, кадимкисиндей Таластын баш-аягына көз жүгүрттү. Ата-эне баштаган аксакалдар менен байбичелер баатырлардын алдын тосуп калыптыр. Ак байбиче Чыйырды алтын колдуу кесеге ак куюп, эки колдоп сунуп турду. Эки жагында ак элечекчен алтыдан он эки кемпир бирден арча бутак түтөтүшүп кармап турушту. «Атаң менен энең!» — деп, Алмамбетти жандай бастырып айтып өттү Ажыбай. Алмамбет аттан түшүп, эки колун боорuна басып, көзү жашылданып, Ак байбичинин колундагы кесеге эрдин тийгизди да, ак Байбичинин айтуусу боюнча Алмамбет Бай Жакыпты көздөй бет алды. Бай Жакып эриндери бүлкүлдөп, көзүнөн жашы мөлтүлдөп, кучагын кенен жайып турган. Алмамбет жетип барып, кучагына бой урду. Ата-бала экөө кучакташып жытташты. Алтымыш аксакал Көк-Теңирге алакан жайды. Кериде Манас баштаган баатырлар аттан түшүштү. Теңирге алакан жайышты. Алмамбет бай атанын кучагынан бошонуп, Теңирге алакан жайды. Бай ата тоо жаңырта заңк этти: «Уулду болдум, Теңир, жалга!»

Ак байбиче тоо жаңырта шаңк этти: «Уулду болдум, Теңир, жалга!»

Манас аска жаңырта барк этти: «Атадан төртөө болдум, Теңир, жалга!» Көк-Башаттын көк майсаңына толгон каада күтүп, азем тутушкан эл алакандарын Теңирге көтөрө жайып, бата кылышты. Ак байбиче Көк-Башаттын башында алтымыш тамыры зыркырап, ак мамагы ийип турду. Шаңк этип үн салды: «Балдарым, ак сүтүмдү эмгиле». Алмамбет оболу обдула барып, токтой калып, Манаска жол берди. Манас кампая күлүп келип, эненин алдына чөгөлөдү. Жанына Алмамбет келип чөгөлөдү. Экөө эненин ак мамасын оозго алышып, ниет тутушту. Ак сүтүн эмген эки уулун байбиче маңдайынан сылады.

Жолой дөө менен Кошой дөөнүн күрөшү.

Сабактын жүрүшү: Көкөтөй Ташкендин каны, кыргыздардын абдан кадырлап, урматтаган белгилүү адамдарынан болгон. Манас Алтайдан келип, Ала-Тоону бошоткондо, Көкөтөй кан алдынан тосуп чыгып, көп жардамдарды берген. Көкөтөй кандын он бир кызы, Бокмурун аттуу бир эле эркек баласы болуптур. Кызматы үчүн буга эч кандай белек деле арзыбайт. «Кой, көп жашка барып карыган экен, менден мурда кайтыш болсо, урматтап көөмп, элде жок бир чоң аш бердирейин», — деп ойлойт. Бокмурун кайындап кеткенде, Көкөтөй катуу ооруп, керээзин айтып, көз жумат. Баймырза деген теңтушу Көкөтөйдүн акыркы керезин буруп айтат. Бокмурун атасын койгондон кийин үч жыл камынып, Аксакал билермандарына көнбөстөн, ашка аябай көп эл чакырат. Ат чабыш, жамбы атмай, балбан күрөш, таз сүзүштүрмөй, эр сайыш, эр эңиш, төө чечмей ж. б. мелдештерге чоң байгелерди коёт.

Калмактан чыккан Жолой дөө балбан күрөшкө чыгат. Ошондо сынчылардын аны сүрөттөгөн жери: *Өгүз көөдөн, өкүм сөз, өрдүк жери дагы бар, өткүр кылыч, куу найза, эрдик жери дагы бар, өз билгенин бербеген, бектик дагы жагы бар, өчөшкөнүн кайсаган, көктүк жагы дагы бар. Бою мунарадай, эки ийнине эки киши конгондой, эки бетине эки даңгыт тойгондой. Көз чуңкуру ородой, балтыры өгүз белиндей, оозунан чыккан илеби, орто сырттын желиндей.* Кошой өз тарапкерлерине ортого бириң чыккыла деп кайрылат. Бирок бир да баатыр батынып чыга албайт. Аягында Манаска барат. Манас жөө күрөшкө жок элем, ат үстүндө турганда, ажалга тууган ок элем, бирок эч ким чыкпаса, эр сайышка, балбан күрөшкө да чыкканым болбос дейт. Кошой менен кеңешип: «Өзүңүздөн бөлөк киши жок, карысаң да каркандап, карт буурадай тартаңдап, калабалуу кулга өзүң бар», — деп өтүнөт.

— «Карысам да тобокел, элим каалап калыптыр, барайын! Бирок катыным чоркок киши эле, анын жасап берген шымы арык эчкинин териси, ашаткыда көп жатып, чыгы менен катыптыр, ийи чала калып, кылдыр ийлеп салыптыр. Арбак урган дөө Жолой, аласынан алып, айра тартып салбасын, ошондуктан калк ичинен мага батар бир кандагадай таап бер»,— дейт Кошой. Эч бир кандагай чак келбейт. Ошондо Манас Кошойго айтат: «Каныкейдин колунан чыккан бир кандагайды Ажыбай менен Чалыбай мактап жүрөт. Батса ошол батар, алдырып кийчи, аба». Көптөгөн уздар ийлеп, жыбырата тиктирген кандагайда

бир сыр бар деп, Чалыбай менен Ажыбай отура калышып тамандашып тартты эле, желим менен кармаган тигиш жазылып кетет. Кошой кийип кубанып, «териден асыл чыгарууга болорун эми көрдүм» дейт. Манас бул кандагайды Канықей атайы «перзентсиз жүрөм, баатыр абам бата берсин» деп жасатканын айтат. Канықейди чакыртып, чын пейли менен ыраазы болгон Кошой алакан жайып батасын берди: «Эркек балалуу бол, аты Семетей болсун!» Кошойго кошулуп жалпы эл чуркурап бата берет. Кошой дөө майдандын ортосунда отурган Жолойду көздөй салмак менен, агала сакалы сеңселип басып барат. Эки балбан күнү-түнү күрөшүп, бири-бирин жыга албай, таң атып, күн чыкты. Кошой магдырап уйкуга кеткенин байкап, Жолой алачык үйдөй ташка көтөрүп барып чабайын деп жөнөйт. Муну көргөн Манас: «Абаке, Кошой, кетти, намысың колдон кетти, көзүңдү ач, сени кайсы кара басып кетти», — деп айгай салып бакырат. Баатырдын ачуу айкырыгын кулагы чалып, Кошой көзүн ачат. Акылы ордуна келип, жулкунуп туйлап ийгенде, эки буту жерге тие түшөт. Жолойду камынтпай, торой чалып көтөрүп жерге уруп, башынан аттап өтө берерде, Жолой дөө багалектен алып, булгап-булгап абаңды жерге чаап саларда: «атаңдын көрү арсыз кул, бир жыгылып алып, эмне үчүн абама кол көтөрөсүң?» — деп, Манас качырып келип, камчы менен кабыргасын сындыра чабат. Эл чуулдап, Кошойду балбан көтөрөт. Байгеден түшкөн малмүлктү Кошой аксакал карыптар менен бечараларга бөлүп берет.

Бышыктоо үчүн суроолор: 1. Кошой баатыр кары болсо да эмне үчүн Жолой менен күрөшкө чыгайын дейт? 2. Эмне үчүн ал күрөшкө дароо чыккан жок? 3. Эмне үчүн Канықей Кошойго арнап шым тиккен? 4. Аны кантип ийлеп, кантип тигет? 5. Ал шым кандай аталат? 6. Кошой карыя кандай бата берет? 7. Канықей кандай аял болгон?

Чоң Казаттагы баатырдын акыркы кайраты.

Сабактын жүрүшү: Бакай баш болуп, согушка келген колдун көбү кайтат. Аңдып жүргөн Коңурбай жашынып келип, Манасты ууга сугарылган айбалта менен шилиге чаап, жарадар кылат. Манасты өлтүрдүм деп элине кабар салып, согушка камданат. Алмамбет Манасты дарылап, ал айыгып калганда, көп кол менен Таласка жөнөтөт. Бирок жолдо баратып, Манас жоодон коркуп качып келиптир деп эл ушак кылат го деген ой менен токтоп калат. Ушул учурда Коңурбай келип, көп кол менен Манас

турган шаарды камайт. Көпкө созулган катуу согуштан кийин 40 чоро ит урушун салып качып отуруп, Манастар жаткан жерге келишет. Чоң кыргындуу согуш болот. Душмандардын чоң мергени Кожожаш келип, ал Музбурчакты, Сыргакты, Чубакты, Алмамбетти атып өлтүрөт, Аккулага ок тийип, Манас жөө калат. Түшүнөн чочуган Каныкей Тайбуурулду жетелетип, Бакайды Манаска жиберет. Тайбуурулду минген Манас катуу каар менен согушка кирип, душмандарды кубалап шаарына камайт. Ал жактагы эл кайтууга камдана баштайт. Манас намаз окуп жатканда, Коңурбай аңдып келип найза менен сайып, экинчи жолу жарадар кылат. Өлгөндөрдүн сөөгүн чогултуп көмүшүп, Алмамбеттин сөөгүн Саралага жүктөп коё беришет. Эл кайра тартат. Манас жарасы ырбап, атка жүрө албай, аны алып жөнөшөт. Колдун өлгөндөн калганы аза күтүп, элине кайтышат. Ошентип, Манас Алмамбетти, Чубакты ж. б. жоктоп катуу кайгырат. Көп өтпөй жарасы кабылдап кетип, ошондон кайтыш болот. Манас өлгөндө 7 күнү күн жаап, эл менен бирге жаратылыш, жаныбарлар да аза күтүп, кайгырышат.

Бышыктоо үчүн суроолор: 1. Эмне себептен Бээжинге Манас баатыр 40 чоросу менен кетти? 2. Манастын атын ким атып өлтүрөт? 3. Тайбуурулду Манаска ким алып келип берген? 4. Манастын өлүмүнө ким себепкер болду?

Семетейдин балалык чагы.

Сабактын жүрүшү: Манастын атасы Жакыптын аталаш бир туугандары Абыке, Көбөш, кырк чоронун улуусу Кыргылчал Манастын барында көргөзгөн нечен жакшылыктарын бат эле унутушат. Көбөш Абыкеге Каныкейди алып берели деп, Семетейди өлтүрмөк болушканда, бул кордукка чыдай алышпай, Каныкей, Чыйырдылар Семетейди аман сактап калуу максатында Букарга качып кетүүгө аргасыз болушат. Каныкей, Чыйырдылар өз жеринен айрылып бараткандарына гана кайгырбастан, бүткүл кыргыз элинен ажыроого аргасыз болгондоруна кайгырышат. Ошол убакта жетим-жесирлердин ал-акыбалын билейин деп келген Бакай Абыке, Көбөш баштаган алты адам Манастын ордосун чаап кеткенин көрөт. Акылман ата Каныкейлердин астыларын тосо чыгып, өзүнүн акылнасаатын айтып, жол азыктарын камдап, минерге ат бербегенде, орто жолдо ачкадан өлүшмөк беле же ички душмандар кууп келип кармап кетет беле?! Түн ичинде уйку

билбей, күндүзү тынч албай, нечен кыйынчылыктар менен алар Букарга жетишет.

Манастын өлөр алдында айтып кеткен сөзүн аткарып, Семетейди бир тууган иниси Ысмайылга берет. Семетей он эки жашка келгенче жери Талас, атасы Манас, энеси Канымкей экенин билбей чоңоёт. Артынан акмалап жүргөн Сарытаз Семетейге жери Талас, эли кыргыз, атасы Манас, энеси Канымкей экендигин айтат. Бул сөздү уккандан кийин Семетей Канымкейден келип, чындыгын билгиси келет. Канымкей өзү да элге кетүүнү билдирип, Семетейдин көз алдына ата-конушунун кооздугун, байлыгын элестетип, табиятынын ажайыптуулугун, касиеттүүлүгүн сүрөттөп берет.

Кайыңга тууган куштары,
Камынып турат учканы.
Терекке тууган куштары,
Теминип турат учканы,
Токоюнда чаары бар,
Тоосунда ак кары бар.
Булбулу сайрап отурса,
Мунduу киши чыккысыз,
Тоту куш талдан үн салса,
Күйүттүү пенде укпусуз.

Ушундай сонун жери, ата-бабасынын бирге өмүр сүргөн эли Семетейдин жүрөгүнүн тынчын алып, Семетей кетүүнү эңсейт: «Өзгөгө султан болгуча, өз элимдин колунда ултан болуп өтөйүн!

Жети атам жашап өткөн жер,
Жетилбей жетим кеткен жер.
Айкөлүнөн айрылган,
Айланайын тууган эл,
Таласыма жетейин»,—

деп узак жолго камынат.

Бышыктоо үчүн суроолор: 1. Семетей деген ким болгон? 2. Чыйырды менен Канымкей эмне үчүн Букарга качышты? 3. Абыке, Көбөштөр кимдер? 4. Семетейди ким багып өстүрөт? 5. Семетейге ата-конушунун жайын ким айтты?

Семетейдин Таласка келиши.

Сабактын жүрүшү: Ошентип, балдар, Семетей энеси Канымкейден баарын уккандан кийин, киндик каны тамган Таласын көздөй жол тартат. Ат бороюн сыдырып, энеси келген жол менен, эрикпей жетим кыдырып, эчен дөбөлөрдү, эчен сайларды кыдырып жүрүп отуруп Олуя-Атага

келгенде, мунарыктуу чоң белес Семетейдин көзүнө өзгөчө көрүнөт. Ушул жерди көргөндө көңүлү көтөрүлүп, кубанат.

Семетей жеринин кооздугуна, тоолордун, ага кыркалекей тизилген карагай-кайың, арчаларына, тулаң чөптөрүнө, буга үндөшкөн булбул куштардын сыбызгыган үндөрүнө кубанып, толкундап, аргасыздан көзүнөн жаш төгүлөт. Ошентип, Семетейди алдынан эң биринчи болуп Кумайык тосуп чыгат. Эски жүнүн булайтып, кош кулагын чунайтып, Абыке, Көбөштөн кордук көрүп, он эки жылдан бери Семетейдин келер жолун карап жүргөн кези экен. Семетейди көргөндө кубанычы койнуна батпай, улуп чыкты Кумайык. Семетей боз кисесин мойнуна салып, Кумайыкты кучактап мойнун караса, энеси айткан алтын каргы бар экен. Ошондо Семетейдин көзүнүн жашы он талаа болуп:

Айланайын, Кумайык,
Темиркендин шаарына
Тептип кеткен мен байкуш,
Манас эрден айрылып,
Тептип жүргөн сен байкуш,—

деп Кумайыкты ээрчитип алып, Таластын чоң суусунан өтүп, атасынын күмбөзүнө барат. Атакелеп чаңырып, арманын айтып бакырып, бала минтип турганда, кайың ыйлап, тал ыйлайт, караган жандын баары ыйлайт.

Көк жалым Манас колдочу,
Ишимди кудай оңдочу.
Өзүңдөн таалим үйрөнүп,
Жолдош болуп калбадым.
Жетимдик тартып албадым.
Жеткилең жүзүн көрбөдүм,
Чөптүн башын силкинтип,
Желдей бир байкуш бар бекен?
Атанын жүзүн көрбөгөн,
Мендей бир байкуш бар бекен?

Ошентип, Семетей андан ары жүрүп отуруп, төө кайтарып жүргөн Бакайга жолугат. Ошол кезде Бакайдын көзү жакшы көрбөй, Семетейди тааный албайт.

Семетей: Кара көзүң кал басып,
Какшап жүрсөң мен үчүн,
Ак сакалың чаң басып,
Азап тартсаң эл үчүн.
Айланайын абаке,
Мен арзып келдим эл үчүн.
Ак шумкардай айланып,

Акыры келдим жер үчүн.
Кара жаным өлбөсө
Жетермин аба баркыңа.

Бакай Семетейдин өзү келгенине көзү жетип: «Манастан калган белегим, кагылайын чырагым, Манастан калган туягым. Ээрчитип сени эр кылган, эр уулу менен тең кылган, жалгызымды калкалап Букарга качкан аркалап, ургаачынын узу эле, Каныкей эсен бар бекен? Карыганда көргөн кыйынды, Манасты тууган байбиче, чоң энең эсен бар бекен?» — деп элине сүйүнчүлөгөнгө шашат. Семетейдин келгенин уккан Бай Жакып эптеп айласын таап, аны өлтүрүүнү ойлойт. Семетей Жакыпты душманым деп эсептебестен, аны ата кылып алууну ойлойт. Турмуштан али тажрыйбасы жок, уясынан жаңы чабыттап учкан балапанча, балтыр эти толо элек Семетейдин тилеги кандай болсо да өз элине кошулуу, элди караан кылып бирге жүрүү, элин-жерин коргоп кызмат кылуу эле.

Таласка көчүп келгенден кийин, Шаатемир кан Семетей жаш болсо да кызы Чачыкей менен үйлөнтүп коёт. Манас көзү тирүү кезинде эле Акун кан менен бел куда болуп коюшат. Ал жөнүндө уккан Акун кандын кызы Айчүрөк сулуу Аккуу кебин кийинип, Семетейдин Ак шумкарын ала качат. Семетей кушун издеп, Айчүрөккө жолугат. Ата-эненин убадасы боюнча көп сыноолордон өткөндөн кийин, экөө баш кошушат. Айчүрөк Семетейдин жоого чыкса жолдошу, үйдө болгондо кеңешчиси, элди күтүп алуучу билерман, жароокер, назик, кезегинде эр жүрөк, баатыр курбалы болгон.

Бышыктоо үчүн суроолор: 1. Семетей элине, жерине келе жатканда эмне жолунан тосуп чыгат? 2. Атасынын күмбөзүнө барып, эмне деп арманын айтат? 3. Бакайдын Семетейге жолуккандагы кубанычы, саламдашуусу кандайча сүрөттөлөт? 4. Жакыптын арам оюн, ач көздүгүн кайсы жерден байкадыңар? 5. Семетейдин ой-тилеги кандай болгон? 6. Айчүрөк эмне үчүн Ак шумкарды ала качат? 7. Айчүрөк кандай аял болгон?

Семетей жана анын чоролору.

Сабактын жүрүшү: Кыргылчал баш болгон кырк чоро эмнегедир Семетейден чочулашып: «Бул жерде турсак оң таппайбыз», — деген Кыргылчалдын сөзүнө киришип, түн жамына Кытай тарапка качып жөнөшөт. Муну туюп калган Семетей артынан сая түшүп барып: «Оо, айланайын чоролор, атыңардын оозун бургула! Бул эмне кылганыңар? Бирөөнөргө жамандык кылдымбы? Кайра айылды көздөй тарткыла!» — деп айткан кеңешине чоролордун

бири да көнбөйт. Ачуусу келген Семетей Кытайга жеткизбей баарыңарды ушул жерден жайлайм деп, бүт чоролордун башын кылычтап таштайт.

Күлчоро — Алмамбеттин уулу. Ал октон качпаган, сайышса жүрөктүн үшүн алган эр жүрөк баатыр болгон. Күлчоро жаш болсо да чукугандай сөз тапкан, жоого аттанарда Семетейдин акыл айткан кеңешчиси, дос дегенде ичкен ашын жерге койгон ак ниет баатыр.

Канчоро — Чубактын уулу. Жеке өзүнүн кызыкчылыгына азгырылып, көздөгөнүнө жеткен митаам, кишиге колунан келсе жакшылык кылбаган, ичи тар, ач көз, жакшылыкты жамандык менен кайтарган адам. «Манас атабыздын күмбөзүнө барып ак боз бээни чалып, куран окуп кайталы» — деген Канчоронун сөзүнө ишенип, Каныкей менен Айчүрөктүн айтканына көнбөй, Семетей менен Күлчоро курал-жараксыз Манастын күмбөзүнө барышат. Душман болсо да Кыяс: «Канчоро, бул кылганыбыз болбос, курал-жараксыз келишкен баатырларга кантип кол салабыз?» — дейт. Канчоро бул айтканды уккусу келбей, Семетейди жарадар кылып өтөт. Семетей эли-жерин коргогон, чындык үчүн күрөшкөн баатыр болгондуктан, эл аны өлтүргүсү келбейт. Ошондуктан катуу кыргын мезгилинде Семетей сыйкырдуу күчтөрдүн жардамы менен кайып болуп кеткен экен.

Бышыктоо үчүн суроолор: 1. Кыргылчал баш болгон чоролор эмне үчүн Кытай тарапка жол тартышты? 2. Семетей эмне себептен чоролорго жалдырады? 3. Алмамбеттин уулу Күлчоро кандай адам болгон? 4. Чубактын уулу Канчоро кандай адам болгон? 5. Кыяс Канчорого эмне деп айтты? 6. Канчоро кандай кыянаттык иш иштеди? 7. Семетей аягында эмне болду?

Сыйкырдуу кароолчулар.

Сабактын жүрүшү: Балдар, бүгүн силерге кытай, калмак чегин кайтарган сыйкырдуу жаныбарлар туурасында, Бакай карыянын Семетейге айтып бергени туурасында билесиңер.

Ак сакалын жаркылдатып, кеп баштады Бакай ата: «Ээ, Семетей балам, укмуштуу кеп айтам, кулак салып угуп ал. Сен эртеби, кечпи, Алоокенин Коңурбайына каршы атаңдын кунун кууп өч алганы барарынды билем. Бээжинге кире бериш жерде Темир капка шаарында сыйкырдуу кароолчулар бар. Алар душмандын келерин жети күн мурда билишип, Коңурбай, Эсенкандарга кабарын берип турушат. Бул сыйкырдуу жаныбарлардын өзүнчө сырла-

ры бар. Буларды оңой менен колго түшүрө албайсың. Кырк кулач келген кызыл түлкү күнү-түнү тикирейип күзөттө. Эбин таап, түлкүнү кармап алсаң, түгөнбөгөн мүлктүн кени ошол түлкүдө. Муну ала турган жалгыз гана атаңдан калган Кумайык. Көк жорудан туулган, жойлогон жери чиркиндин, жоболондуу чуулган. Эзелтен эле көргөнүн албай койчу эмес эле, көрүнүп калган бөрүнүн бирин да аман калтырган эмес. Карып калганы болбосо, бул Кумайык жарыктык, уят кылчу жан эмес. Андан ары карасаң Чоң кароолчусу Аккулжа Кыйма таштын үстүндө дардайып, чыгырык мүйүзүн заңкайтып, күнү-түнү чекчейип, бир да жандык өткөзбөйт. О, кагылайын кулунум, бул Аккулжаны таамай ата турган атаңдан калган Аккелте. Атаарында:

Ата албасам, мага шерт,
Ажалдай болгон кулжага
Тийбей калсаң, сага шерт,—

деп туура мээлеп туруп, көк түтүнүн булатып ат. Колго түшүрсөң, анда кудайдын анык бергени. Эми, балам, кулак сал, эмнени айтсам, эсиңе ал. Өрдөп көлгө барганда күмүш куйрук жез канат, жибек тыбыт Куу өрдөк жатат кайтарып. Аман болсо Ак шумкар чагылгандай учса да табына келип калганда Куу өрдөктү куткара койбос. Куу өрдөккө Ак шумкарды саларында:

Айланайын, Ак шумкар,
Ак булуттун үстүнөн
Куу өрдөктү качырбай,
Канатын кайрып таштай көр,—

дегин. Ошентип, Семетей балам, Коңурбайдын сыйкырдуу жаныбарларын жок кылгандан кийин, Бээжинге жолуң ачылат», — деп кеңешин айткан экен.

Бышыктоо үчүн суроолор: 1. Бакай ата Семетейге эмнелер тууралуу айтып берди? 2. Сыйкырдуу жаныбарларды кимдер, эмне үчүн чекке коюшкан? 3. Коңурбай деген ким болгон? 4. Атасынан калган Кумайыктын өзгөчөлүгү эмнеде? 5. Ак шумкардын кыраандыгы эмнеде? 6. Атасынын Аккелтесинин касиети эмнеде?

Семетейдин Бээжинге жортуулга аттанышы.

Сабактын жүрүшү: Балдар, өтүлгөн сабактардан Семетей элдин тагдыры жөнүндө терең ойлогон, намыскөй баатыр экенин билесиңер. Ал элдин күчүнө таянат. Семетейдин Коңурбайга каршы аттануусу эки себепке негиз-

делген. Биринчиден, алыскы жактан Коңурбай капилеттен кол салбасын деп, экинчисинде, ата-бабалардын өткөн өчүн, кеткен кегин алуу. Семетей бүткүл кытай, калмак элине каршы күрөшүүгө аттанбастан, ааламга жаңжалы татыган Коңурбайга каршы аттанат. Семетей казатка аттанардан мурун акылман Бакай карыяга кенеш салып, акыл сурайт. Семетей Коңурбайга каршы көп кол жыйнабастан аттанган. Бакай абасы, Күлчоро, Канчоро он төрт ат менен жолго чыгат. Ысык-Көлгө жеткенде көлдү көрүп, Семетей абдан кубанат.

— Бул жарыктык Ысык-Көл, жер соорусу турбайбы. Жердесе кыргыз тунбайбы, жайлоосу салкын турбайбы, жайласа кыргыз турбайбы, кыштоосу жакын турбайбы, кыштаса кыпчак тунбайбы. Ушундай туптунук, көгүлтүр, күңгөйдөн тескей тарапка чалкайып жаткан көлдүн бар экенин неге айтпадыңыз, Бакай аба? Көгүлтүр Көлгө көңүл ачып, жайлап кетпесек болбойт го, — деп кайрылат. Анда Бакай абасы:

— Оо кагылайын, каралдым, Ысык-Көлдү Манас да жанындай жакшы көрчү, суктанчу. Бул жердин тоосунда элиги, бугусу, маралы эркин оюн салышат.

Өлөңүн көр, сазын көр,
Өрдөк, чүрөк, казын көр.
Күңгөйүндө миң булак,
Тескейинде миң булак.
Булбулдары тим эле,
Сайраса моокум кандырат,
Балыктын саны бир канча.

Бугу эне келип суу ичкен, кыргыз элим ыйык туткан Ысык-Көл. Ошентип, алар эчтемеден шеги жок, байкапар эс алып жатышат. Семетейдин атасынын кунун кууп келе жатканын алдын ала туйган Коңурбайдын жан-жөкөрү Мурадым өзүнүн сыйкырдуу күчү менен бурганактатып кар жаадырып, жадырап турган жай мезгилин кышка айлантып, заматта чөйрөнү өзгөртүп салат. Бакай ата: «Эмне болуп кетти, өңүмбү же түшүмбү», — деп таң калат. Карашса, он эки атынан сегиз атын алып кеткен болот. Семетей аябай ачууланып: «Силер ушундай туруп тургула, мен өзүм барып Кырымдын уулу Мурадымды Коңурбайын баш кылып, атыма бөктөрүп келем», — дейт. Анда Бакай: «Кой, Семетей, сен Бээжинге биринчи жолу баратасың, жолунун чырын билбейсиң. Өзүм кошо жүрөмүн, чалгынды өзүм чаламын, жаныңа кошо барамын» — деп, төртөө сапарын улантат. Мурадымдын артынан жете келишип, өчүн алышып, аттарын кайрып алышат. Коңурбай

Семетейди алдап, кармап кел деп Карагулду жөнөтөт. Семетей Карагулду өлтүрө турган болгондо:

— Айланайын, Семетей, өзүңдүн уруулардынмын. Сенин атаң өлгөндө, сен Букарга кеткенде мени Коңурбай жылкычы кылып алды. Сенин келериңди күтүп жүргөм,— деп калп эле жан соогалайт. Андай болсо Коңурбайдын Алгарасын алып келип бер дейт Семетей. «Ушул жерде болгула, мен Алгараны алып келейин», — деп кетип, Карагул Коңурбайды ээрчитип келет. Коңурбай Семетейди көрүп аябай суктанат: «Манастан калган жетимди, томуктай бала деп жүрсөм, тоодой баатыр турбайбы. Ай башынан баланын ажалдын көлөкөсү көрүнөт. Көкө теңир мага эмне үчүн ушундай бала бербей, сарандык кылып койду экен. Айкөлдөй болгон Семетей менин уулум болсочу. Атаганат, кор дүйнө», — деп аябай арман кылган экен.

Бышыктоо үчүн суроолор: 1. Эмне үчүн Семетей Коңурбайга каршы казатка аттанды? 2. Семетей жанына жолдош кылып кимдерди алды? 3. Мурадым, Карагул деген кимдер? 4. Семетей Ысык-Көлдү көрүп, эмнеге кубанды? 5. Коңурбай Семетейге эмне үчүн суктанды?

Семетей менен Коңурбайдын сайышы.

Сабактын жүрүшү: Кытайдан чыккан кара ниет Коңурбай баатыр усталарын чогултуп найза, албарс кылыч, чоюн баш, жаа, жебесин жасатат. «Кыргыздарды кырып, Манасты жайладым, эми мени тоготпой калган кыргызды Семетейин баш кылып эсине келтирейин»,— деп жинденет. Кылкылдаган колун баштап, Таласка жете келет. Капарсыз жаткан элди камалайт. Семетей курал-жарагын белендеп, Тайбуурулга жете албай же жанында ишенген Күлчоросу жок, капа болот. Кепке чебер, акылман Бакай ата Күлчорого барып: «Сен ушак сөзгө ишенип, тил тийгизди деп агаңа таарынганың болбойт, ушундай учурда Күлүсүм качан келет деп күтүп турган кезидир. Агаңдын сөзүн жигит болсоң кечиргин»,— дейт. Бакай ата муну айтып турганда таарынычы жазылып, жаркылдап күлүп, Сырнайзасын асынып, чоролорун чогултуп, Тайбуурулду коштоп, Эр Бакайды баштап, мүшкүл түшүп турганда ач арстандай айбаттуу Күлчоро Манастап ураан салып кирип барат.

Семетей атасын көргөн эмедей кубанып көрүшөт. Ошентип, жалпысы жоону көздөй аттанышат. Каптап кирген кумурскадай кытайдын кайраты жоктору туш-тушка качып жөнөштү. Ошол учурда ыраңы жандан башкача, көргөн адамдын жүрөгү түшчүдөй болуп Чалабай деген

балбаны чыга келип: «Семетей бурут, баатыр болсоң жекеме-жекеге чыккын», — дейт каарланып. Анда Бакай Семетейге мындай дейт: «Буга сен каршы чыкпа. Чалабай дөө найзалашкан баатырды найзага илип кетчү эле. Эшикке чыккан баатырдын, колун үзүп алчу эле. Күрөшкө чыккан баатырды, жерге таптап салчу эле. Бул итти мылтык менен гана атып өлтүрүү керек», — дейт. Чалабайды мээлеп атышканда, жер чайпалып барып, токтоду. Баатырынан айрылган Коңурбай каарданып, Семетейди көздөй бет алат. Элдин үрөйлөрү учуп, карап калат. Коңурбай менен Семетей сайышып жатканда, Тайбуурул менен Алгара да кишенешип, бири-бири менен тебишишет. Ошол учурда Коңурбай асабадай болгон Семетейди илгиртпей артты көздөй тартканда, карап турган кыргыздар чыдай албай, чуркурап жиберишет.

Буруттун күнү бүттү деп, карап турган калың жоо кубанып калганда, Семетей ана-мына дегиче, ачып-көздү жумгуча, жаш чыбыктай толгонуп, жаш жолборстой жондонуп, тоодой болгон чочкону, өпкө тушка сайды эле, дем ала албай оозунан каны түтөктөгөн бойдон качып жөнөйт.

Ал жолборс чапкан немедей, ачуусу келген Семетей Манастап ураан чакырып, Алгарасын ат үстүнөн сайды эле, тоодой болгон Коңурбай, тоо кулаган эмедей жатып калды суналып.

Кан Коңурбай өттү деп, калктын кеги бүттү деп, анык жоону жеңдик деп, Семетейдин кылганын ырчылары макташып, алакандай аз кыргыз анык жоону жеңдик деп, тынчып жатып калышат. Ошентип, биргелешип баш кошкон баатырлар элин аман-эсен сактап калышкан экен.

Бышыктоо үчүн суроолор: 1. Коңурбай ким? 2. Коңурбай эмне үчүн согушка даярданды? 3. Күлчоро Семетейге кантип жардам берди? 4. Коңурбайдын баатыры Чалабайды жеңүү үчүн Бакай аксакал кандай кеңеш берди? 5. Чалабайды кантип өлтүрүштү? 6. Семетей Коңурбайдан кантип өчүн алды жана эли-жерин кантип сактап калды?

Сейтек — Манастын небереси.

Сабактын жүрүшү: Балдар, биз силер менен Манас баатыр, анын баласы Семетей жөнүндө көп нерселерди билдик. Эми Семетейдин баласы, Манас баатырдын небереси Сейтек тууралуу уккуңар келеби?

— Анда эмесе, балдар, кунт коюп уккула. Ошентип, Семетей кара ниет Канчоронун сөзүнө ишенип, атасы Манастын күмбөзүнө курал-жараксыз барат. Кыяс душман

болсо дагы: «Кой, Канчоро, уят го. Куралсыз, атсыз турган баатырларга кол салганыбыз эркектик ишке жарабас,— дегенине карабай, өлтүрөбүз»,— деп катуу жарадар кылат. Семетей кайып болуп кетет. Ошондон баштап Канчоро өз билгенин жасап, Каныкей, Бакайды баш кылып, болгон байлыктын баарын өзү ээлеп калат, Айчүрөктү зордоп Кыяска берет. Ошол учурда Айчүрөктүн курсагында Семетейден төрт айлык бала калган. Айчүрөк Семетейден калган туякты таза сактап калыш үчүн, Кыясты алдап, ак куу кебин кийип, кечинде үйдө болбой учуп кетип жүрөт.

Ошентип, Айчүрөк убагынан өтүп Сейтекти төрөйт. Кыяс өзүнүн баласы эместигин сезип турса да, Айчүрөктөн ыйбаа кылып, чоң той өткөрөт. Той учурунда Кыяс аксакалдардан ат коюп берүүсүн сурайт. Даап, бирөө дагы ат таба албай турганда кайдан-жайдан экени белгисиз, Кыдыр ата пайда болуп, төрөлгөн бала ата-теги баатырдын тукуму экенин айтып, алакан жайып бата берет:

Элин-жерин коргогон,
Ааламга салып чуулган,
Кабылганды кайсаган,
Аты Сейтек болсун,— деп.

Муну укканда Кыястын аябай ачуусу келип, Кыдыр ата-ны өлтүрүүгө буйрук кылат. Кыдыр ата көздөн кайым болот.

Мына балдар, Семетейдин окуясы силерге жактыбы?

Бышыктоо үчүн суроолор: 1. Сейтектин атасы ким? Ал кимдин небереси? 2. Эмне үчүн Канчоро Семетейдин жакын адамы болуп туруп, аягында жаман ишке барды? 3. Күлчоро ким? 4. Айчүрөк Кыяска эмне үчүн баш кошту? 5. Төрөлгөн балага ким ат койду?

Сейтектин өз жерине келиши.

Сабактын жүрүшү: Айчүрөк өзүнүн намыскөй, башына иш түшүп турганда айлакерлиги менен Семетейден калган туягын сактап, эсен чоңоюшуна болгон күчүн жумшайт. Ошентип, арадан он эки жыл өтүп, камоодо жаткан Күлчорого жолугат. Алдан кеткен Күлчорону күч-кубаты толгуча аябай бактырып, Айчүрөк ала көөдөн Кыясты алдайт, анын Телкызыл деген атын, Сырнайзасын, ок өтпөс тонун, курал-жарагын берип, Сейтекти Күлчорого жөнөтөт. Жылкычылар Сейтекти кубанып тосуп алышат. Алар ушул күндү гана күтүп жүрүшкөн. Күлчоро баш болуп бардыгы даярданып келишип, Кыястын ордосун чаап,

өзүп өлтүрүшөт. Олжого кеткен кыргыздарды бүт алып, өз эли, өз жерин көздөй көчүп келишет. Сейтектин алдынан атасынын Бозинген төөсү буркурап тосуп чыгат. Андан ары чоң чынардын боюнан бир кара кемпир көрүнөт. Кайтарганы торпок, кемпирдин ал-абалын көрүп Сейтектин боору ооруйт. — Карып болгон энеке, кайтарган малың көп экен, музоо-торпок кайтарчу, айлыңда жашың жок бекен? — дегенде, — кан Манастын зайыбы, кан Семетей энеси, оролоп Кең-Кол жайлаган, ок өтпөс тонун камдаган, ургаачынын сулуусу, алтын сөөмөй, ар кыял, адеми жандын бири элем, — деп Каныкей өз небереси Сейтекти тааный албай, көзүнүн жашын жеңи менен сүртөт. — Ээ, кагылайын энеке, эрешен тартып эр болгон, эгизиң Сейтек мен болом, — дейт. Муну укканда Каныкей чымындай жаны чыркырап, ыйлап турду буркурап: «Өңүмбү же түшүмбү, боз ала чынар болпоңум, айланайын чолпонум, тилегим кудай берген бейм, күттүргөн уулум келген бейм» — деп, Сейтекти бооруна кучактап, муңдарын таратышат. Ошентип, Айчүрөк, Күлчоролор баш болуп, Таласка көчүп келишет. Күткөн эли кубанып тосуп алышат. Кара ниет Канчородон өчтөрүн алып, элин эркиндикке алып чыгып, бейкуттукта жашап калышат.

V. «МАНАС» ЖОМОГУ БОЮНЧА СҮРӨТ ЖАНА ИЙЛЕП ЧАПТОО САБАКТАРЫНЫН КОНСПЕКТИЛЕРИ

Кыргыз жайлоосу.

Методикалык ыкма: Көрүнүштөрдү, кубулуштарды чагылдыруу ыкмаларын калыптандыруу. Аңгемелешүү, ыр окуп берүү, сүрөт тартуунун иреттүүлүгүн көрсөтүү, эстерине салуу. А. Байбатыровдун «Тагылдыр тоо» *(ооз комуздан)* чыгармасын уктуруу.

Сабактын жүрүшү:

— Балдар, бул сүрөттөрдөн эмнелерди көрүп турасыңар?

— Жайлоону, тоону, боз үйдү.

— Карагай, кайыңдарды.

— Силердин киминер жайлоодо болдуңар эле? *(Балдардын жообу.)*

— Бизде кандай жайлоолор бар экенин билесиңерби?

— Чаткал, Соңкөл, Суусамыр, Каркыра.

— Туура, балдар, булар Кыргызстандын чоң жайлоо-

лору, мындан тышкары ар бир облустун өзүнүн жайлоосу, ар бир жайлоонун өзүнүн аты, өзгөчө кооз жаратылышы болот.

— Эл жайлоого кайсы убакта чыгышат?

— Жазында, жайында.

— Туура, жайлоого жазында малчылар жана айылдагы элдер малдары менен чыгышып, жайлата аларды семиртип, курут, май жыйнап, күзүндө кыштакка түшүшөт.

— Жайлоодон эң баалуу кайсы суусундугун берип сыйлашат?

— Кымыз.

— Туура, ким кымыз ичти эле, анын өңү кандай, даамы кандай?

— Сүттөй ак, балдай ширин.

— Балдар, жайында мүмкүнчүлүгүңөр болсо жайлоого барып, өз көзүңөр менен көрүп, кооздугуна суктанып, кымыздан аябай ичип, ден соолугуңарды чыңдап келгиле. Жайлоо башка жерлерден абасынын тазалыгы, көпкөк асманынын ачыктыгы, суусунун муздактыгы, тунуктугу менен айырмаланат. Ар түрдүү чөптөрдүн, гүлдөрдүн кооздугу менен сулуу. Ар кайсы жерде жумурткадай аппак боз үйлөр, желедеги кулундар, үйүр-үйүр жылкылар, жайылган койлор жайлоонун көркүн ачып турат.

Азыр мен силерге Мидин Алыбаевдин «Жайлоо» деген ырын окуп берейин, угуп тургула.

Көп тескей көбүргөндүү,
Көк жалбырак
Көргөндө көркү менен
Көз кандырат,
Өйүзү арчалуу бет,
Жайык күңгөй,
Сүйкайган сулуусу ашкан
Биздин жайлоо.

Балдар аңгемелешүүдөн кийин көргөн сүрөттөрү боюнча жана өздөрүнүн жеке фантазиялары менен жайлоону сүрөттөп тартышат.

Тарбиячы ар бир баладан эмне тартып жаткандыгын сурап, сүрөт тартуу ыкмасын көргөзүп, жекече жардам берет. Сабакты жыйынтыктоодо суроо берип тактап, балдардын эмгегин баалайт.

Боз үй.

Сөздүк иш: Түндүк, кереге, уук, жабык баш, үзүк, туурдук, жел боо, чыгдан, тизгич.

Методикалык ыкма: Аңгемелешүү, сөздүк иш, түстөрдү туура тандоого жардам берүү, жекече жардам көрсөтүү, балдардын ишин анализдөө.

Сабактын жүрүшү: Илгери-илгери кыргыз эли көчмөндүү калк болгон. Көчүп-конууга, тез чогултуп, тез тигүүгө ыңгайлуу, жеңил, кышкысын жылуу, жайкысын салкын боз үйлөрү болгон. *(Көргөн көздүн жоосун алган жыгачтан жана кийизден, жиптерден кооздолуп жасалган аппак боз үйдүн сүрөтүн же макетин көргөзөт.)* Бул, балдар, боз үйдүн түндүгү, керегелери, эшиги. Булардын бардыгын чоң усталар талдан жасашкан. Ал эми биздин уз чоң энелерибиз, апаларыбыз, эжелерибиз боз үйдүн кийиздерин, үзүгүн, жабык баш, тизгич, жел боолорун жасашкан, ошондой эле чийди кооздоп согуп, керегенин сыртынан тосушкан. Ал эми боз үйдүн оң тарабын чыгдан менен тосушкан. Ички жасалгаларын санап айтууга ким жардам берет? — Туш кийиз, шырдак, ала кийиз, сандык, ага жыйналган жүк, илинген аяк каптар ж. б.

Балдарды илгертен жашап, далай муундар өсүп-чоңойгон кыргыздын боз үйү менен тааныштыргандан кийин, түшүнгөндөрүн бышыктап, боз үйдүн сырткы көрүнүшүн, каалагандарга жарты боз үйдү, ичиндеги жасалгалары менен сүрөт тартуу сунуш кылынат. Кийиз жабылбаган, же эшиги түрүлгөн боз үйдүн көрүнүшүн да тарттырса болот.

Сабактын жүрүшүндө балдарга жекече жардам берилет.

Балдарга бири-биринин сүрөтүн баалоого, пикирин айтууга көнүктүрүү иши да жүргүзүлөт. Үйгө тапшырма берилет.

Сабактын аягында балдардын түшүнүктөрүн тактоо максатында тарбиячы Жедигер Саалайдын «Шаардагы боз үй» деген ырын көркөм окуп берет. *(Боз үй жөнүндө башка ырларды тандап алуу да сунуш кылынат.)*

Көп көрүнбөс шаар ичинде,
Карыядай көзгө сүйкүм
Боз үй турат бак ичинде,
Аппакай, көзгө сүйкүм,
Кирсең тосот кыргыз кызы,
Сунуп кымыз, жарма, нанды.
Керемет ай, мына кызык,
Ак чапанчан карыядай,
Чакан боз үй, кудум жайлоо.
Бал татыган кыргыз даамы,
Түндүк, уугу, керегеси,
Жасалгасын карасаң, жалаң нуска.

Кыргыз комузу.

Методикалык ыкма: Аңгеме айтуу, комузду көрсөтүү, ыр окуп берүү, күү уктуруу, сүрөт тартуу, жекече иштөө, жардам берүү.

Сөздүк иш: Комуздун чарасы, капкагы, мойну, бурооcу, кылы, тепкеги.

Сабактын жүрүшү: Балдар, айткылачы, бул *(комузду көрсөтүп)* кайсы аспап?

— Бул — комуз.

— Туура, бул — комуз. Мен силерге ата-бабаларыбыз эзелтен аздектеп, азыркы мезгилге чейин жеткирген, бүгүн да ардакталып, таңшыган үнүн угуп келе жаткан комузубуз тууралуу А. Осмоновдун «Комуз» деген ырын окуп берейин.

Үч буроо, жалгыз тээк, үч кыл комуз,
Чертилбейт, күүгө келбейт чебер колсуз.
Опоңой, көргөн көзгө жөпжөнөкөй,
Бирок да өнөрү бар айтып болгус.
Кылымдан кылым санай көксөй-көксөй
Жыргалдуу биздин ушул күндү көздөй.
Бул комуз көп сырларды кечип келген
Эли да комузундай жөпжөнөкөй.

Ыр окулуп бүткөндөн кийин, ага бир аз талкуу жүргүзүлөт. Андан кийин суроо-жооп аркылуу түшүнүктөрү кеңейтилет, такталат.

— Комуз эмнеден жасаларын ата-энеңерден же ага-эжеларыңардан укканыңар барбы?

— Туура, өрүктөн чапкан комузду өрүк комуз дейбиз. Комузду карагайдан да чабат. Өрүк комузду колунан көөрү төгүлгөн чоң усталар чаап, аны таланттуу кишилер чертишет. Өрүк комуз бекем болот, үнү таза чыгат.

— Комуздун канча кылы бар?

— Туура, үч кылы бар.

— Кылы эмнеден жасаларын билесиңерби?

— Өрүк комуздун кылын койдун, кийиктин ичегисинен жасайт. Усталар көп аракеттенишип, ар кандай маанайдагы үндөрдү чыгарууга жарамдуу кылдарды даярдашат. Ал эми ушул үч кылды тиреп турган нерсени тээк дешет. Комуз үч бөлүктөн турат: комуздун чарасы, капкагы, мойну.

Балдар комуздун түзүлүшү, бөлүктөрү, мааниси менен таанышып чыккандан кийин, сүрөт тартууга керектүү боёкторду тандап алышып, ишке киришишет. Адегенде кандай чоңдуктагы комуз тартышарын, анын бөлүктөрүн

болжолдуу бөлүштүрүп алышат. Сүрөт сабагы бүткүчө Ы. Тумановдун «Жаш тилек» деген күүсү акырын аткарылып турат. Сүрөттөрдү анализдөөгө балдардын өздөрү катышат.

Кыргыз кызы.

Методикалык ыкма: Аңгемелешүү, түшүндүрүү, сүрөт тартууга жана боёкторду айкалыштырууга үйрөтүү, күү уктуруу.

Сөздүк иштер: Үкү топу, тебетей, чыптама, кош этек көйнөк, маасы, белдемчи, шөкүлө, иймек.

Сабактын жүрүшү: Тарбиячы балдардын улутун, улуттар жөнүндө түшүнүктөрүн суроолор менен бышыктап, өзү толуктап, түшүндүрүп берет. Улуттардын бири-биринен тили, кийими, каада-салты, жашоо тиричилиги менен айырмаланып турарын айтат. Ар улуттун балдарынын сүрөттөрүн көрсөтөт. Балдардын көңүлүн кыргыз кызынын кийимине, анын түсүнө, жарашыктуулугуна, деталдарына көңүлдөрүн бурат. Кыздар башына үкү топу, тебетей кийишерин, үкү кайда жашарын айтып берет. Топу менен тебетейдин айырмасын, тебетей кундуз, суусардын терисинен четине жээктеп жасаларын, апалар болсо элечек, шөкүлө кийишерин түшүндүрүп, сүрөтүн көргөзөт.

— Чачтарын карагылачы, кандай экен? Кыздардын чачын илгери майдалап беш салаа кылып өрүшкөн. Апалар болсо чачын эки өрүп, учуна чач учтук тагышкан. Кыздар жөнүндө «Манаста»:

Келеңгер чачпак, кең соору,
Келини сонун кыргыздын,
Кызыл көйнөк, найча бел,
Кыздары сулуу кыргыздын,— деп айтылган.

— Кулагындагы эмнеси?

— Сөйкөсү, иймеги *(сырга деп да аталат делип толукталат)*.

— Колуна тагынганычы?

— Шакектер, билерик.

— Моюнундагычы?

— Шурулар, мончоктор.

Ушулардын баарына кыргыздын оюуларын түшүрүп, кооздоп чоң зергерлер жасашкан. Буларды илгертеден биздин Каныкей, Чыйырды, Айчүрөк сыяктуу апаларыбыз, энелерибиз тагынышкан.

Сабак бүткүчө «Кыз кыялы» аттуу күү акырын укту-

рулуп турат. Ар бир бала менен жекече иш алып барат. Балдарды, кыздын тулку боюн келишимдүү, пропорциялуу тартуусуна, түстөрдү айкалыштырып, кийимдерин кооздоп, ар кандай кыймылда тартууга үйрөтүү. Эгерде балдар бөлүнгөн убакыттын ичинде сүрөттөрүн аяктай албай калса, аларга бош убакытта иштөөгө мүмкүнчүлүк берүү керек. Аягында балдарды биринин сүрөтүн бири анализдөөгө, туура баа берүүгө, ойлорун көркөм түшүндүрүүгө үйрөтүү.

Торучаар.

Методикалык ыкма: Аңгемелешүү. Манастын Торучаарын мүнөздөө, сүрөт тартуунун ыкмаларын эстерине салуу, балдардын жекече иштөөлөрү, жардам берүү, жыйынтыктоо.

Сабактын жүрүшү: Балдар, Манастын аты Торучаар качан туулду эле? Биринчи жолу Манас канча жашында Торучаарга минген? Торучаардан кийин Манастын дагы кандай аттары болгон? *(Айбанбоз, Аккула, Тайбуурул).*

Көрдүңөрбү, балдар, биздин ата-бабаларыбыз жоокер, эли-жерин коргогон баатыр болушкан, мыкты, талыбас күлүк аттарга минишкен, куш таптап, аң уулап, мергенчилик кылышкан. Атты жанындай көрүшкөн, ошондуктан кыргызда: «Жакшы ат — эр жигиттин канаты»—деген макал илгертеден айтылып калган. Силер айылдан, цирктен аттарды көрүп жүрөсүңөр. Буттары узун, жайык төш, куйрук-жалы суналган, көзгө толумдуу жаныбар.

Тарбиячы аттарды сүрөттөп келип, Манастын Торучаарын балдарга тартууга тапшырма берет. Балдар менен сүрөт тартуунун ыкмаларын кайталайт, бекемдейт. Жекече жардам көрсөтүп, балдар менен бирге сүрөттөрдү баалап, көрсөтмөгө даярдайт.

Жоокердин курал-жарагы.

Методикалык ыкма: Жоокерлер жөнүндө эстерине салуу, аңгемелешүү, үзүндү окуу, эмне тарта тургандыктарын талкуулоо, жекече жардам, жыйынтыктоо.

Сабактын жүрүшү: Балдар, бүгүн биз силер менен кыргыз бөлмөсүндө сүрөт сабагын өтөбүз. Оң тараптагы дубалдын бетинен силер билген, укkан кайсы курал-жарактарды көрүп турасыңар?

— Туура. Найза, жаа, кылыч, калкан, туулга, канжар, мылтык, ай балта.

— Дагы кайсы жоо-жарак жөнүндө айткан жокпуз?

— Чокмор, күрөөкө, соот.

Анда эмесе, бала баатыр Манас жөнүндөгү үзүндүгө көңүлүңөрдү бургула:

Ал ачыча болгон жок,
Кудай бетин көргөзбө
Ой экиде эр Манас,
Минген аты Торучаар.
Жоо-жарагы шайманы,
Кыны жок кылыч байланып,
Чокморун туура жайланып,
Кайра жаачу булуттай
Каары бетине айланып,
Ак жолборстой чамынып,
Ак күбөнү кийиптир,
Өрттөй көзү жайнаптыр.

— Балдар, Манастын курал-жарагын тагынып, жоого аттанганын, айбатын эмнеге теңегенин ким айтып берет?

— Азаматтар, жакшы түшүнүпсүңөр. Жоого аттанганда Манас курал-жарагын байланып, Аккелтесин асынып, Сырнайзасын колуна алып, көзү өрттөй жанып, айбаты арстандай болуп, душманды качырган экен.

— Манастын курал-жарактары жомокто кандай деп аталат?

— Туура. Аккелтеден мылтыгы, Айбалтасы, ок өтпөгөн ак олпок тону, башында кооз туулгасы, чокмору болгон.

Силер өткөн сабакта Манас жомогу боюнча биздин сүрөтчүлөр тарткан курал-жарактын түзүлүштөрү менен таанышкансыңар. Бүгүн ошол буюмдарды колубуз менен кармап, жакшылап көрөбүз. Балдар, ар кимиңер өзүңөрдү баатыр, тайманбас жоокер деп элестетип, жоого аттанасыңар. Манастын кайсы курал-жарактарын аларыңарды белгилеп, кагазга тарткыла.

Сабактын жүрүшүндө илинген курал-жарактарга, алардын тартылган сүрөттөрүнө балдардын көңүлүн буруп, жекече жардам берилет.

Жыйынтыктоого балдардын өздөрүн активдүү катыштыруу, сүрөт көрсөтмөсүн уюштуруу иштери жүргүзүлөт.

Ак шумкар.

Методикалык ыкма: Аңгемелешүү, музыка уктуруу, суроо-жооп, жекече иштер, жыйынтыктоо, анализ.

Сабактын жүрүшү: Балдар, силер Манастын Кумайыгын, Аккуласын, Торучаарын билесиңер. Мындан башка

дагы жоого аттанса калбаган, канча жүрсө талбаган, Манастын ок-дарысын жүктөп жүрүүчү Желмаян деген жел жетпеген Кара нары, көк асманга көкөлөп уччу Ак шумкары болгон. Адамдар өздөрү баккан жаныбарларына да жакшы аттарды коюшкан. Бүгүн биз Манастын Ак шумкары жөнүндө укkан-билгендерибизди эстеп, пластилинден укмуштуудай сыйкырдуу кушту жасайбыз.

Балдар, куштун эмне кереги бар? Кыргыз элинде кушту дагы кандай аташат? Бүркүт адамга өзү эле көнгөнбү же аны үйрөтүшөбү? Бүркүт таптаган адамдарды кантип аташат? Бүркүттүн түзүлүшү жөнүндө ким айтып берет? Башка канаттуулардан эмнеси, кандай сапаттары менен айырмаланат? Манастын ак шумкарын ким сүрөттөп айтып бере алат? — деген сыяктуу суроолор менен бышыктайт.

— Туура, балдар, силер куштар, алардын түрлөрү жөнүндө көп билет экенсиңер? Бүркүтчүлөрдү да куштары менен көргөнүңөр бар экен. Эми баарыңар денеңерди түздөп отургула. Керектүү буюмдарды алып, чоподон (пластилинден) Ак шумкарды чаптай баштагыла. Кимдин кушу жомоктогудай, сыйкырдуу, сымбаттуу болсо «Манастын» 1000 жылдык мааракесине арналган көргөзмөгө сунуш кылабыз.

Сабактын аягы: Балдар, баарыңар өз кушуңарды колуңарга алгыла. Ак шумкар Манас кайтыш болгондо, ээсин жоктоп, куш болсо да ээсине жан-дили менен берилгендигин биз жогорку сөздөрдөн түшүндүк. Эми айткылачы, Ак шумкардын тумшугу, тырмактары, канаттары кандай болгон? Кана, кимиңердин кушуңар ушундай сүрдүү, алгыр, көрктүү болду? Ар кимиң өзүңөр чаптап жасаган куштун өзгөчө белгилерин белгилеп, тактайдагы ордуңарга койгула. Кургагандан кийин, арасынан мыкты аткарылган ишти көрсөтмөгө чогуу сунуш кылабыз.

ИЙЛЕП ЧАПТОО

Манастын Аккуласы жана Кумайыгы.

Максаты: Өтүлгөн чыгармалардагы көркөм образдардын элесин эмоционалдуу кабыл алууга үйрөтүү. Форманын пластикалуулугун, кыймылды элестетүүсү боюнча ийлеп чаптоого, сетка жана манжалары менен образдын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн берүүдө окшоштырууга жетишүү.

Методикалык ыкма: Өткөн сабактарда өтүлгөн мате-

риалдарды эстерине салуу, көргөзүү, түшүндүрүү, жекече жардам.

Сабактын жүрүшү. Балдар, Манастын Аккуладай буудан, Кумайыктай сырттан аты жана ити жөнүндө эмнелерди билесиңер?

Туура, Аккула эч талыбаган, учкан куштай күлүк, сыйкырдуу, анык баатырдын аты болгон. Кумайык да баатырды согушка аттанганда, ууга чыкканда да калбай ээрчип жүргөн, жан аябай берилген, эч бир жырткычтардан коркпогон, күчтүү, акылдуу ит болгон. Эне тилин өстүрүү сабагында жана сүрөт тартуу сабагында силер Аккула жана Кумайык жөнүндө көп нерселерди уктуңар. Бүгүн да силер менен Аккула, Кумайыкты Манас кайдан алганын, аларды кантип чоңойткондугун эстедик. Эми ар киминер өзүңөр элестеткен укмуштуудай талыбаган күлүк Аккуланы, күчтүү, эч нерседен жалтанбаган, ишенимдүү иттин сырттаны Кумайыкты пластилинден чаптагыла.

Тарбиячы сабактын жүрүшүндө балдардын түшүнбөгөн суроолоруна жооп берип, алардын манжаларын туура пайдаланышына, сетка менен жаныбарлардын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн бере билүүлөрүнө көз салуу, жекече жардам берүү.

Сабактын аягында 1—2 баланы Аккула жана Кумайык жөнүндө эпостон кыскача үзүндү айттыруу. Ар бир баланы өз скульптурасы жөнүндө көркөм айтып берүүгө, ойкыялдарын өркүндөтүүгө тарбиялоо.

КОРУТУНДУ

Эзелтен бери канчалык оош-кыйыш мезгилдерге туш келсе да, «Манас» жомогу ооздон-оозго өтүп өзүнүн баасын, наркын жоготпостон, биздин заманга жетти. Бул кыргыз элинин ыйман-адебинин, талантынын бийик экендигине айгине.

Бүгүнкү күндө Манас эпосу бүткүл дүйнөлүк аренага чыкты. ЮНЕСКОнун чечимине ылайык 1995-жыл «Манас» эпосунун жылы деп аталды. Ушул жылы улуу эпосубуздун 1000 жылдык мааракеси дүйнөлүк деңгээлде өткөрүлмөкчү.

Дүйнөдө теңдешсиз маданий бул мурас ушуну менен эле баасын татыктуу ала албайт, аны окуп үйрөнүү, анын асыл нарктары менен рухубузду тазартуу, аны кийинки муундарга жеткирүү биздин парзыбыз.

Мына ушундай шартта биз өзүбүздүн келечек муундарыбызды «Манас» эпосундагы орошон, нарктуу да, салттуу да ой-идеялардын нугунда тарбиялоону балдар бакчасынан эле баштоону туура деп эсептейбиз. Бул үчүн атайын программа түзүп, сабактардын конспектилерин иштеп чыктык. Программада жана анын методикалык көрсөтмөсүндө жүргүзүлүүчү окуу-тарбия иштери «Манас» эпосундагы кыргыз элинин турмушу, тарыхы, дүйнө таанууусу ж. б. жөнүндө аз-аздан болсо да кабар берет. Алар жаш бөбөктөрдү Ата Мекенин сүйүүгө, эли-жерин коргоого, ыймандуулукка, баатырдыкка, ар намыстуулукка жана ушул сыяктуу асыл сапаттарга, нарктарга шыктандырарына ишенебиз.

Бул эмгек педагогикалык окуу жайлардын студенттерине да өз пайдасын тийгизеринде шек жок.

Ал эми бала бакчалардын тарбиячыларына жана методисттерине түздөн-түз усулдук курал болот деп ишенебиз.

БАЛА БАКЧАЛАРДА «МАНАС» ЖОМОГУ БОЮНЧА КОЛДОНУЛУУЧУ АЙРЫМ СӨЗДӨРДҮН ТҮШҮНДҮРМӨЛӨРҮ

Адаш жол — туура эмес жол, жаңылыш жол, адаштыра турган жол.
Айдар — көкүл, төбөсүнө койгон чач.
Акыл илеп — акылга чалып, аркы-беркисин, келер-кетерин ойлонуп.
Албан-түркүн — түрдүү-түрдүү, ар түрдүү, ар кыл.
Асаба — байрак, желек, туу.
Ак келте — эски мылтыктын түрү.
Аспи — жылкы.
Албарс — курч темир, мыкты болот.
Алаткак — турмушта жок, жомоктук айбанат.
Алты сай мөндүр — кар, мөндүр аралаш чаба жааган катуу жамгыр.
Айкөл — көл сыяктуу кең киши.
Абырай — кадыр.
Аймак — айыл.
Баарчын — бүркүттүн алты жашынан аркы санат аты.
Баба дыйкан — миф. эски ишеним боюнча эгин айдаган дыйкандардын колдоочусу.
Бараң — мылтыктын бир түрү.
Бейпил — тынч.
Берен — акылман, мыкты, кайбар, кайсар.
Боз — мунарык, шамал жүрбөй, дымып, үп болуп турган аба.
Бор кайнатып — эзилте бышырып.
Бурут (калм.) — кыргыз деген сөз.
Буткул — чуңкур, кабак, ойдуң жер.
Бадана — кооздоп жасалган, баатырлар кийүүчү, ок өтпөс сырт кийим.
Борсук — кашкулак.
Баяндос — ээрге салынуучу көрпөчө.
Бөз — кол менен токулган кездеме.
Булдурсун — байыркы баатырлардын кол камчысы.

Баар — 1) жылдын жаз мезгили; 2) убай көрүү, жыргоо.
Бедер — оймо-чийме.
Даанышман — ар нерсени билген, билимдүү, акылман адам.
Дабаа — айла.
Добулбас — барабан.
Дөөдүр — 1) мончок; 2) калмак элинин баатыры.
Дугул — калмактын уруусу.
Дулдул — чарчап-чаалыкпаган күлүк, аттын эң мыктысы.
Даңгыт — чоң ит, дөбөт.
Даш казан — чоң казан.
Доол — согуштук барабан.
Дирам — күмүш тыйын, күмүш акча.
Даек — байге.
Даңкан — чоң айнек.
Жаал — жайыл, өз билгенин бербеген өжөр.
Жадаал — салгылашуу.
Жадыгей — сыйкырчы.
Жазайыл — чоң мылтыктын бир түрү.
Жакут — кызыл түстүү, баалуу асыл таштын бир түрү.
Жамбы — куйма күмүш, сом күмүш, куйма алтын, сом алтын.
Жам болуп — биригип, чогулуп.
Жарандар — достор, жакшылар калайык эл.
Жез билек — шыйрагы узун.
Жуут — шүмшүк, митаам.
Жыга — кандык атайын белги; кандык белгиси бар баш кийим.
Жагдан — сандык.
Желмаян — төөнүн эң күлүгү.
Заңги — мүнөзү айбан чалыш келген дөө.
Зыйнат — сый-сыпат, адеп.
Заар — уу.
Ит тартыш — тамашанын бир түрү, эки кишинин аркан тартышы.
Идерлүү жигит — мыкты, болумдуу жигит.
Кирич — жаанын кергичи.
Койчагыр — мылтыктын бир түрү.
Коломолуу — сансыз көп.
Коломсок — жаанын огун сала турган нерсе
Көмөкөйлүү — учунда темири бар.
Коросон оттук — курч оттук таш.
Көй кашка — өңкөй баатыр.
Көк чыбык — Бакайдын мылтыгы.
Көмүркөй — темир-тезек салуучу куту.

Көсөл — эптүү, ыкчыл.
Купуя — жашырын, ичинен.
Күп — бодонун терисинен жасалган идиш.
Күрөккөө саат — баатырлар жоого кийчү ок өтпөс тон.
Кызыл чоктуу — бөрккө тагыла турган кызыл чачы.
Кайбар — күжүрмөн, мыкты эр.
Кайгуул — душмандын жолун чабуу.
Кайраты каркап толуптур — кайраты күчөп, чыңап толуптур.
Кайып — миф. Көзгө көрүнбөгөн жомоктогу адам.
Калайман — бүлгүн, дүрбөлөң.
Калпа — эшен, дамбылданын жардамчысы.
Кара байыр казанат — күлүк аттын бир түрү.
Кызыр — миф. Адамды колдоочу олуя.
Казат — согуш.
Каса тулпар — чыныгы, мыкты тулпар.
Кырк чилтен — адамды колдоочулар.
Лөк — нар төө.
Маараке — той-тамашанын кызыган жери.
Макулук — жан-жаныбар.
Найча бел — кымча бел, ичке бел.
Накер — ок өтпөс өтүк.
Наркескен — эң мыкты болот кылыч.
Нөкөр — жан жолдош.
Обо — аба, асман, көк.
Ойрот — 1) элдин аты; 2) көп эл, көпчүлүк; 3) кыргыздар өзүнөн башка элди ойрот деп атай беришкен.
Ордо — 1) кандын үйү; 2) оюндун бир түрү.
Осол — жаман, орой, одоно.
Он эки канат үй — боз үйдүн керегелеринин ар бир бөлүгү канат делет. Эң чоң үй.
Ойсул ата — төөнүн колдоочусу.
Пир — сыйына турган, зоболосу бийик киши.
Саадак — жаа.
Себил — жарак-жабдыгы толук.
Себилдүү — толук куралдуу, жасалгалуу.
Салбырын — атайын камданып алып, көп адам алыс жерге аң уулоо.
Сыр жебе — жаанын огу, же сырдалган огу.
Сары өзөн — кең өзөн, мейкин талаа.
Союш — тамак үчүн союлган мал.
Сыйыр — уй.
Такыя — топу, кыздар кийе турган баш кийимдин аты.
Төтөгө — боз үйдүн үзүгүнүн этегине бастырылган кооздук оюулар.

Төгөрөк — чар-тарап, айлана.
Туулга — баатырлардын жоого кийүүчү темир бөркү.
Түпөк — найзанын учундагы чачы.
Тобурчак — жылкы тукумунун бир түрү.
Топ — замбирек.
Үлпөт — биргелешип тамак ичүү.
Чабандес — эңишке, улак тартууга чыйрак киши.
Чарайна — төшкө тартылуучу такта темир.
Чатыраш — дойбу, шахмат сыяктуу оюн.
Чеге — мык.
Чалбар — кооздолуп тигилген тери шым.
Чапчак — чоң жыгач челек, жыгач бочка.
Чопкут — ок өтпөс согуштук сырт кийим.
Шакшак — сынган сөөктү таңа турган жыгач.
Эрен — баатыр.
Эремин — өспүрүм.

ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ

1. **«Манас» эпосу.** 1-китеп, Фрунзе. Кыргызстан, 1984-ж.
2. **«Манас» эпосу.** 2-китеп, Фрунзе. Кыргызстан, 1986-ж.
3. **«Манас» эпосу.** 3-китеп, Фрунзе. Кыргызмамбас, 1959-ж.
4. **С. Байгазиев.** Улуу «Манас» урпактарыбыздын дил жана тил бешиги. Бишкек. 1994-ж.
5. **«Манас». Түз. С. Мусаев.** Фрунзе. «Илим», 1986-ж.

МАЗМУНУ

Киришүү 3
«Манас» эпосунун 1000 жылдык мааракесине карата балдар бакчасында ата-энелер менен бирдикте жүргүзүлүүчү иштер . . . 7
Ортонку топ (4—5 жаш) 7
Жогорку топ (6—7 жаш) 8
I. Сөз байланышын өстүрүү боюнча сабактардын темалалары жана программалык максаттары 9
II. «Манас» жомогу боюнча сүрөт жана ийлеп-чаптоо сабактарында өтүлүүчү темалар жана алардын программалык максаттары 14
III. Өткөрүлүүчү иш-чаралардын конспектилери 16
IV. Сөз байланышын өстүрүү боюнча сабактардын конспектилери 21
V. «Манас» жомогу боюнча сүрөт жана ийлеп чаптоо сабактарынын конспектилери 53
Корутунду 62
Бала бакчаларда «Манас» жомогу боюнча колдонулуучу айрым сөздөрдүн түшүндүрмөлөрү 63
Пайдаланылган адабияттардын тизмеси 67

Учебное издание

Сейдекулова Кулсун, Сагымбаева Кулуйпа, Конкошева Асылкан

НАШ ПРЕДОК — МАНАС ВЕЛИКОДУШНЫЙ

Для воспитателей детских садов, студентов педагогических вузов, родителей

Бишкек, издательство «Кыргызстан»

На кыргызском языке

Окуу куралы

Сейдекулова Күлсүн, Сагымбаева Күлүйпа, Конкошева Асылкан

АЙКӨЛ МАНАС БАБАБЫЗ

Балдар бакчаларынын тарбиячылары, педагогикалык окуу жайларынын студенттери жана ата-энелер үчүн

Редактору *Ж. Теңирбергенова.* Сүрөтчүсү *С. Ямгырчиев.*
Сүрөт редактору *К. Коёналиев.* Техн. редактору *С. Нурмиева.*
Корректору *Д. Ороскожоева.*

ИБ № 5100

Терүүгө 06. 07. 95-берилди. Басууга 25. 07. 95 кол коюлду. № 1 типография кагазы. Кагаздын форматы 84×108$^{1}/_{32}$. Адабий арибн. Жөнөкөй ыкма менен басылды. 2,125 физ. басма табак, 3,57 шарттуу басма табак. Нускасы 2000. Заказ № 27. Келишим баада.

«Кыргызстан» басмасы.
720361. ГСП. Бишкек ш., Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП. Бишкек, 5, Т. Суванбердиев көчөсү, 102.